Буйлякеева Р. К., Алыпсатарова А. Р.

# КЫРГЫЗ ТИЛИ
# жана ОКУУ

## 3-класс

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн
мектептер үчүн

Бишкек • 2018

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки Я721
Б 90

Ред. кеңеш: *Насипбаева Ы. И., Джунушева Р. К., Сапарбаева А. К., Кермалиева Л. Д.*
КББАнын рецензенти / *филология илимдеринин кандидаты Абдухамидова Б. А.*
Илимий кеңешчи / *педагогика илимдеринин доктору Чыманов Ж. А.*

**Буйлякеева Р. К., Алыпсатарова А. Р.**
Б 90 Кыргыз тили жана окуу: Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн окуу китеби. / Буйлякеева Р. К., Алыпсатарова А. Р., – Б.: 2018. – 200 б., сүрөттөр

ISBN 978-9967-31-883-0

ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:

– жазуу иши

– суроолорго жооп бергиле

– келгиле, окуйлу

– сүйлөшүү

– өз алдынча иштөө

**Б 4306020200–18**

**УДК 373.167.1**
**ББК 81.2Ки Я721**

ISBN 978-9967-31-883-0

© Буйлякеева Р. К., Алыпсатарова А. Р.
© КР Билим Берүү жана илим министрлиги, 2018

## Кымбаттуу окуучулар!

Силерге сунуш кылынган окуу китеп муундан муунга билим берүүнүн ишенимдүү булагы болуп саналат.

Силердин кызыгууңарды, эске тутууңарды, ой жүгүртүүңөрдү өстүрүү үчүн тапшырмалардын түрлөрү берилди. Ошондой эле кызыктуу чакан аңгемелер, ырлар, жаңылмачтар, макалдар, табышмактар жана логикалык оюн көнүгүүлөр, кроссворд, фильворддордун түрлөрү бар.

Окуу китептин аягында кайталоо үчүн көнүгүүлөр сунушталды. Бул окуу китеби менен өз алдыңарча, эки-экиден, топтошуп иштей аласыңар. Китептин акыркы беттеринде өз алдыңарча көркөм окуп, которуу үчүн көлөмү чакан, турмуш менен байланыштуу кызыктуу тексттер берилген. Бул сөздүк силерге өз алдыңарча иштөөгө мүмкүнчүлүк берет деген ойдобуз.

Кымбаттуу окуучулар, окуу китепте берилген материалдар силерди Мекениңерди сүйүүгө, ата-энеңерди урматтоого, жаратылышты коргоого, ага аяр мамиле жасоого, сылыктыкка, ак ниеттүүлүккө, чынчылдыкка үндөйт деген үмүтүбүз зор.

Окууңарга ийгилик каалап, келечекте Кыргызстандын намысын бийик көтөргөн, билимдүү, ар тараптуу өнүккөн инсан болушуңарды тилек кылабыз!

*Авторлор*

# І ЧЕЙРЕК

## Биринчи сабак

## КАЙТАЛОО

**1.** Сүрөт боюнча сүйлөшкүлө.



– **Саламатсыңбы**
– **Салам ...**
– **...**

– **Саламатсызбы?**
– **Саламатчылык. Кандайсың?**
– **Жакшы ...**
– **...**

**2.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Атың ким?
Менин атым .................... .
2. Фамилияң ким?
..........................................................................................
3. Канчанчы класста окуйсуң?
..........................................................................................

Улантып сүйлөшкүлө.

**3.** Апта күндөрүн эстегиле. Аларды дептерге жазгыла.

*Келгиле, толуктайлы.*
Бир**инчи** күн – дүйшөм…
Эк**инчи** күн – шей…би
Үч**үнчү** күн – …шем..
Төрт**үнчү** күн – ….би
Беш**инчи** күн – ж…
Алты**нчы** күн – и…би
Жети**нчи** күн – жек.….

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

Саламатсыңбы
Саламатсызбы
Саламатсыңарбы
→ Саламатчылык

**4.** Схема боюнча «Менин жайкы каникулум» деген темада сүйлөп бергиле.

| I | II | III |
|---|---|---|
| **Кайда болдуң?** | **Эмне кылдың?** | **Кандай эс алдың?** |
| **айылда**<br>шаарда<br>көлдө<br>жайлоодо<br>үйдө<br>чет өлкөдө | ойнодум<br>сууга түштүм<br>**жардам бердим**<br>китеп окудум<br>эс алдым<br>конокко бардым | сонун<br>жакшы<br>көңүлдүү<br>орто<br>**эң сонун**<br>жаман эмес |

**Үлгү:**
**1.** Мен жайкы каникулда **айылда** эс алдым.
**2.** Чоң атама **жардам бердим.**
**3.** Мен **эң сонун** эс алдым

**5.** «Менин каникулум» деген темада сүрөт тарткыла. Ал боюнча сүйлөп бергиле.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| Кандай? | Качан? | Эмне кылдың? |
|---|---|---|
| жакшы<br>сонун<br>көңүлдүү | жайында<br>каникулда<br>жакында | эс алдым<br>ойнодум<br>китеп окудум |

## Экинчи сабак
# МЕКТЕП

**1.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.




а) Сүрөттөн эмнени көрүп турасыңар?
б) Мектеп кандай?
в) Мектептин короосу кандай?
г) Короодо эмнелер өсөт?
д) Короодо кимдер бар?

**2.** Үлгү боюнча берилген текстти улантыла.

**Үлгү:** Бул биздин мектеп. Мектеп үч кабаттуу. Мектептин короосу чоң жана кенен.

***Колдонуучу сөздөр***: *кенен, кооз, таза, гүлдөр, бак-дарактар, отургуч, ата-энелер.*

**3.** Туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| окуучу | -лор |
| апа | -дар |
| мугалим | -лар |
| кыз | -дер |
| бала | **-тар** |
| мектеп | -дөр |
| гүл | -дер |
| **дарак** | -тер |
| короо | -лер |

**4.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Бул биздин… Короо… жана … Кооз … жана … өсөт. … мектепке келишти. Отургучта … отурат.

**5.** Которгула.

1. Это наша школа.
2. Школа новая и красивая.
3. Во дворе растут красивые цветы.
4. На скамейке сидят родители.

## Үчүнчү сабак
## БИЗДИН МЕКТЕП

**1.** Текстти окугула. Кайда? деген суроого жооп берген сөздөрдү табкыла.


**алдында** – впереди
**артында** – за (чем-либо)
**жанында** – рядом, около, возле

### БИЗДИН МЕКТЕП

**Алтынай:** – Биздин мектеп шаардын борборунда жайгашкан. Ал – төрт кабаттуу. Мектепте ар улуттун балдары окушат. Мен үчүнчү класста окуймун. Менин класс жетекчим – Зухра Сабитовна. Ал математика сабагынан берет. Мектептин алдында кооз гүлдөр өсөт. **Артында** спорт аянтчасы бар. Мектепте ашкана, китепкана жана көптөгөн кабинеттер бар. Мектеп бизге билим жана тарбия берет. Мен мектебимди жакшы көрөм.

1. Мектеп кайда жайгашкан?
2. Ал канча кабаттуу?
3. Алтынай канчанчы класста окуйт?
4. Анын класс жетекчиси ким?
5. Мектептин алдында, артында эмнелер бар?
6. Мектеп бизге эмне берет?
7. Мектебиң жөнүндө сүйлөп бер.

**2.** Сүрөт боюнча мектептин алдында, артында эмне бар экендигин айткыла.




**3. Алдында**, **артында**, **жанында** деген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** Менин артымда Сергей отурат. Алдымда Бахтияр отурат.

**4.** Ырды көркөм окугула.

## МЕКТЕБИМ

Билим гүлүн сепкениң,
Билим алтын мектебим.
Ата-энемдей артыкча,
Айткан акыл кептериң.

Колдо болуп дептерим,
Ачып китеп беттерин.
Жакшы болгон ушунча,
Жандай сүйгөн мектебим.

*Ч. Исаков*

**сепкениң** – сеешь

**артыкча** – особенно

**колдо болуп** – держа в руках

**ушунча** – столько

**жандай сүйгөн** – самая любимая

1. Ыр эмне жөнүндө экен?
2. Мектепти эмне менен салыштырат?

## Төртүнчү сабак
## КЛАСС. ОКУУ КУРАЛДАРЫ

**1.** Сүрөт боюнча окуу куралдарын эстегиле.




**2.** Сүйлөмдөрдү сүрөт боюнча толуктагыла.

Биринчи партада ..............., ............., ................ жатат.
Экинчи партада ..............., ..............., ................. жатат.
Үчүнчү партада ..................... жана ............. жатат.

**3.** Кайсы тамгалар жок? Тапкыла.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | К | ? | Т | ? | П | | | | |
| 2. | К | ? | Н | Д | ? | Л | ? | К | |
| 3. | ? | Ч | ? | Р | Г | ? | Ч | | |
| 4. | Б | ? | Ё | К | | | | | |
| 5. | К | ? | Л | ? | М | | | | |
| 6. | С | ? | З | Г | ? | Ч | | | |
| 7. | К | ? | Л | ? | М | | С | ? | П |
| 8. | Д | ? | П | Т | ? | Р | | | |

**4.** Текстти окугула. Көптүк сандагы сөздөрдү көрсөткүлө.

## БИЗДИН КЛАСС

Бул биздин класс. Класс кооз, таза жана жарык. Класста мугалим жана окуучулар бар. Класста эки терезе бар, анда гүлдөр турат. Эшиктин сол жагында кийим илгич, оң жагында шкаф турат. Шкафтын ичинде түрдүү китептер бар.

Дубалда сүрөттөр илинген. Мугалимдин столу тактанын жанында. Класстын төр жагында Кыргыз Республикасынын желеги, гимни, герби бар. Ошондой эле класста 10 парта, 20 отургуч бар. Тактанын оң жагында телевизор турат.

Биз классыбызды таза сактайбыз.

Текст боюнча суроолорго жооп бергиле.

1. Бул эмне?
2. Класс кандай?
3. Класста кимдер бар?
4. Терезеде эмнелер турат?
5. Тактанын жанында эмнелер бар?
6. Класста канча отургуч, канча парта бар?
7. Өзүңдүн классың жөнүндө айтып бер.

**5.** Сүйлөмдөрдү которуп жазгыла.

1. Это наш класс.
2. Класс чистый и светлый.
3. Это моя книга.
4. Вот линейка, карандаш и резинка.
5. Ученики зашли в класс.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**ЖАРДАМЧЫ СӨЗДӨР** → алдында, артында, жанында

Мектептин **алдында** бактар өсөт. Менин **артымда** сүрөт илинип турат. Менин **жанымда** Оля отурат.

Күлүп койгула.

## МЕН ЭМЕС...

– Партага ким жазды? Ай, ушу Сагын, сенин колуң шок эле...
– Мен эмес, эже, мен дубалга эле жазгамын.

## Бешинчи сабак
## КИТЕП ЭМНЕГЕ ҮЙРӨТӨТ?

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Текстти окуп.  Маанисин түшүнгүлө.

**окутуучу** – учитель
**көптү билесиң** – много знаешь
**үйрөтөт** – учит
**мурда** – раньше
**алыскы өлкөлөр** – дальние страны

### КИТЕП ЭМНЕГЕ ҮЙРӨТӨТ?

– Ата, эмне үчүн сиз көптү билесиз? – деп сурады баласы атасынан.

– Менин эң жакшы досум жана окутуучум бар, – деди атасы. Ал бардыгын билет жана мени үйрөтөт.

– Сиздин окутуучуңуз кайда? Эмне үчүн мен аны көргөнүм жок? – деди баласы.

– Ал мына, – деди атасы китептерди көрсөтүп. – Китептер мага бардыгын үйрөтөт. Мына бул китеп мага алыскы өлкөлөр жөнүндө айтып берди. Ал эми экинчиси адамдар мурда кандай жашагандыгы жөнүндө айтып берди. Китепти канчалык көп окусаң, ошончолук көптү билесиң.

1. Сен китеп окуганды жакшы көрөсүңбү?
2. Китеп эмнеге үйрөтөт?
3. Үйүңдө кандай китептер бар?
4. Китепке кандай мамиле кылуу керек?

**3.** Табышмакты окуп, жообун тапкыла.

Сүйлөбөйт, ар нерсени айтып берет.
Ал нерсе бүт балдарга абдан керек.
Ичинде жазып койгон нечен сыр бар,
Ойлонуп, муну кимдер таап берет?

**ар нерсени** – разное
**сыр** – тайна
**ойлонуп** – подумав

**4.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Менин жакшы .................... жана окутуучум бар.
Китеп бардыгын .................... жана үйрөтөт.
Китеп адамдарга .................... жөнүндө айтып берет.
Китепти көп ...................., ................. билесиң.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| **КИМГЕ?** | **ЭМНЕГЕ?** |
|---|---|
| чоң энеме, | китепке |
| чоң атама, | дептерге |
| мугалимге, доско, | баракка |
| классташка | китеп капка |

**БИЛИП АЛ!**

**Ким көп окуса, ал көптү билет.**

# Алтынчы сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Жообун эстегиле.

а) – Саламатсызбы, Зухра Сабитовна!
– ____________________
– Кандайсыз?
– ____________________
– Жакшы барыңыз.
– ____________________

б) – Салам, Айдай.
– ______________
– Кандайсың?
– ______________
– Көрүшкөнчө.
– ______________

**2.** Көп чекиттин ордуна ***-да*** мүчөсүн коюп жазгыла.

1. Мен эжем менен көл.. эс алдым.
2. Мектеп.. китепкана бар.
3. Атам завод.. иштейт.
4. Китепкана.. китептер бар.
5. Менин чоң атам айыл.. жашайт.
6. Биз жайлоо.. болдук, кымыз ичтик.

**3.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Бүгүн канчанчы күн?
2. Азыр канчанчы сабак?
3. Сенин алдыңда ким отурат?
4. Сенин артыңда ким отурат?
5. Сен канчанчы партада отурасың?

**4.** Сүйлөмдү туура түзгүлө.

1. Гүлдөр, кооз, бар, класста.
2. Келишти, окуучулар, мектепке.
3. Ысык-Көлдө мен, эс алдым, жакшы.
4. Музейге, бардык, биз.
5. Окуу куралдары, сенин, кайда, турат.

**5.** Окуу куралдарын эстегиле.




**Туурасынан:**

1. дневник
2. источник знаний
3. стирает записи
4. на нём пишем

**Тигинен:**

1. пишем упражнения
2. точим карандаши
3. чертим прямо
4. ими рисуем

Тематикалык тапшырмалар:

«Менин мектебим», «Биздин класс» деген тексттерди айтып бергиле.

# Жетинчи сабак
# БИЗДИН ҮЙ

**1.** Асандын үйү.



Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.

1. Бул кимдин үйү?
2. Ал кайда жашайт?
3. Асандын үйү канча бөлмөлүү деп ойлойсуңар?
4. Ашканада кимдер бар? Алар эмне кылып жатышат?
5. Конок бөлмөсүндө кимдер бар? Алар эмне кылып жатышат?
6. Асан эмне кылып жатат?
7. Короодо эмнелер бар экен?

**2.** Сөздөрдү тапкыла.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| О | О | Р | О | К | |
| А | Н | А | К | Ш | А |
| Д | А | А | Й | Л | Ы |
| К | Е | Р | Э | М | Е |
| К | О | Н | К | О | |
| М | Ө | Б | Ө | Л | |

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Ашканада Асандын апасы жана байкеси тамак ............. ................ . Конок бөлмөсүндө чоң атасы телевизор ............. ................. . Атасы жана бөбөгү шахмат ........... ............... . Асан сабак .............. .................. .

**4.** Өзүңөрдүн үйүңөр жөнүндө айтып бергиле.

**5.** Ырды көркөм окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

## ЖАРДАМЧЫ

Ичип бүтүп тамакты,
Таза жууду табакты.
Дароо анан токтобой,
Даярдады сабакты.

**дароо** – сразу же

Колу тийбей колуна,
Суу ташыды коюна.
Көпөлөктөй инисин,
Көтөрүп алды жонуна.

**колу тийбей колуна** – быстро
**жонуна** – на спине

Ойнотту Жанатты,
Сооротту Канатты.
Жаман көрөт башынан
Жалкоолонгон адаты.

**сооротту** – успокоил
**адат** – привычка

*Т. Кожомбердиев*

## Сегизинчи сабак

# ҮЙ-БҮЛӨ – МЕНИН КИЧИНЕКЕЙ МЕКЕНИМ

**1.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

### АСАНДЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮ

**Асан:**

– Бул – биздин үй-бүлө. Биздин үй-бүлө чоң. Чоң атам, чоң энем, атам, апам, эжем, иним жана мен. Чоң атам жана чоң энем пенсияда. Атам – дарыгер. Апам – мугалим. Эжем 7-класста окуйт. Иним бала бакчага барат. Мен үчүнчү класста окуйм. Мында чоң атам менен чоң энем телевизор көрүп отурушат. Атам жана иним шахмат ойноп жатышат. Апам менен эжем ашканада тамак даярдап жатышат. Мен сабакка даярданып жатам.

1. Силердин үй-бүлөңөр кандай?
2. Канча кишиден турат?
3. Силердин үй кайда жайгашкан?
4. Канча бөлмөлүү?
5. Атаң, апаң кайда иштейт?
6. Бир туугандарың барбы? Алар кимдер?
7. Үй-бүлөдө ким эмне кылат?

**2.** Сүйлөмдөрдү түзгүлө.

| | |
|---|---|
| | **гүлдөрдү сугарып жатат** |
| Чоң атам | тоокторго жем берип жатат |
| Чоң энем | суу алып келе жатат |
| Атам | телевизор көрүп жатат |
| Апам | шахмат ойноп жатат |
| **Эжем** → | тамак даярдап жатат |
| Иним | сабак даярдап жатат |
| | сүрөт тартып жатат |

**3.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**

**Алексей:** – Василина, сенин үй-бүлөңдө канча киши бар?

**Василина:** – Биздин үй-бүлөдө 4 киши бар. Атам, апам, бөбөгүм жана мен.

**Алексей:** – Атаң кайда иштейт?

**Василина:** – Атам чарбада иштейт. Ал – мал догдур.

**Алексей:** – Апаң эмне кылат?

**Василина:** – Апам иштебейт. Ал үйдө бала карайт, тамак жасайт. **Алексей:** – А сен үйдө эмне кыласың?

**Василина:** – Мен апама жардам берем, бөбөгүмдү ойнотом. Дүкөнгө барам, сабак окуйм.

## Тогузунчу сабак

## ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



1. Булар кимдер?
2. Алар эмне кылып жатышат?

**2.** Текстти окуп. Өз оюңарды айтып бергиле.

**милдетим** – обязанность
**таштанды** – мусор
**чаңдарды сүртөт** – вытирает пыль

## МЕНИН МИЛДЕТИМ

**Асан:**

– Менин үйдөгү милдетим мындай: дүкөндөн нан, сүт алып келем. Таштандыларды чыгарам. Эжем болсо гүлдөргө суу куят, чаңдарды сүртөт. Иним оюнчуктарын жыйнайт. Апам менен атам жумуштан келгенде чогуу отуруп чай ичебиз. Андан кийин апам тамак даярдайт. Баарыбыз чогуу жардам беребиз.

1. Асандын үйдөгү милдети кандай?
2. Эжеси эмне кылат?
3. Иниси эмне кылат?
4. Ким тамак даярдайт?
5. Баары эмне кылышат?
6. Сенин үйдөгү милдетиң кайсы?

**Үлгү:** Мен дайыма койго чөп салам. Бакчадагы жашылчаларды сугарамын. Итиме тамак берем. Дүкөндөн нан сатып келем.

**3.** Сүйлөмдөрдү түзгүлө.

| | |
|---|---|
| Иним | дүкөнгө барат |
| Карындашым | идиш жууйт |
| Атам | тамак даярдайт |
| **Эжем** | китеп окуйт |
| Апам | оюнчуктар менен ойнойт |
| Атам | **гүлдөргө суу куят** |
| | таштанды чыгарат |

**4.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Бул .................. үй-бүлө.
Үй-бүлө анча .................. эмес.
Атам .................. нан сатып келди.
Апам .................. даярдады.
Эжем жана .................. жардам бердик.

## Онунчу сабак
# ҮЙ-БҮЛӨ МАЙРАМДАРЫ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Текстти окугула. Кайда? деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла.

**кызыктар дүйнөсүндө** – в мире интересного
**гүлдесте** – букет цветов

**Кайда?** → **үйдө** ______, ______, ______

**Кандай?** → **көңүлдүү** ______, ______, ______

### ТУУЛГАН КҮН

**Алтынай:**

– Кечээ менин туулган күнүм болду. Биз үй-бүлөбүз менен чогуу өткөрдүк. Атам мага «Кызыктар дүйнөсүндө» деген китепти белек кылды. Агам кооз гүлдесте тапшырды. Апам жана эжем мен жакшы көргөн тортту жасашты. Анан баарыбыз торт менен чай ичтик. Менин туулган күнүм абдан көңүлдүү өттү.

1. Алтынайдын туулган күнү качан болду?
2. Кимдер менен өткөрдү?
3. Атасы эмне белек берди?
4. Агасы эмне берди?
5. Апасы жана эжеси эмне жасашты?
6. Эмне менен чай ичишти?
7. Алтынайдын туулган күнү кандай өттү?
8. Сен туулган күнүңдү кантип өткөрөсүң?

**3.** Макалдарды окуп, маанисин түшүнгүлө.


**Ата сөзү – акылдын көзү.**
Слова отца – зеница мудрости.

**Эне – үйдүн куту.**
Мать – благополучие (счастье) дома.

## Он биринчи сабак
## БИЗДИН ҮЙ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Буюмдардын ордун көрсөтүп, сүйлөм түзгүлө.

Кире берище
Ашканада
**Кыргыз бөлмөсүндө**
Балдар бөлмөсүндө

музлаткыч
диван
**туш кийиз**
шырдак
газ плитасы
идиш-аяк
кийим илгич
төшөк

**бар.**

**3.** Сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

| | |
|---|---|
| **кооз** | туш кийиз |
| саймалуу | төшөк |
| кызыл | шырдак |
| жылуу | **килем** |
| жашыл | **жаздык** |
| **жумшак** | сүрөт |
| кичинекей | көйнөк |

**4.** Текстти окуп. Кайда? деген суроого жооп берген сөздөрдү белгилегиле.

**төшөлгөн** – постелен
**өзгөчө** – особенный

## КЫРГЫЗ БӨЛМӨСҮ

Бул – кыргыз бөлмөсү. Бөлмө анча чоң эмес. Дубалда туш кийиз илинип турат. Бөлмөнүн бурчунда сандык бар. Анда төшөктөр жыйылып турат.

Жерде шырдак салынган. Сыйлуу конокторду кыргыз бөлмөсүндө тособуз.

Кыргыз бөлмөсү – өзгөчө бөлмө.

1. Бул эмне?
2. Бөлмө кандай?
3. Дубалда эмне илинип турат?
4. Бөлмөнүн бурчунда эмне бар?
5. Эмнелер жыйылып турат?

6. Жерде эмне салынган?
7. Сыйлуу конокторду кайсы бөлмөдө тосушат?
8. Кыргыз бөлмөсү кандай бөлмө?

**5.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**
– Бул бөлмө кандай?
– Ал анча чоң эмес.
– Мында эмнелер бар?
– Мында … бар.

**6.** Ашык сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Үй | Муздаткыч | Атам |
| Бөлмө | Телевизор | Чоң энем |
| Конок бөлмөсү | Мугалим | Байкем |
| Кыргыз бөлмөсү | Туш кийиз | Китебим |
| Бакча | Төшөк | Иним |
| Ашкана | Керебет | Карындашым |

**7.** Фильворддогу сөздөрдү тапкыла.

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| и | а | н | с | а | н | д | ы | к | ь | д |
| а | ш | к | а | н | а | ы | й | г | з | ч |
| х | ы | ы | ф | ч | м | ё | е | а | ъ | щ |
| и | р | з | ю | ж | э | ъ | б | с | т | и |
| м | д | я | и | т | ь | ю | у | к | е | д |
| э | а | д | ж | д | о | п | а | с | н | и |
| ф | **к** | **и** | **р** | **е** | | **б** | **е** | **р** | **и** | **ш** |
| й | ц | в | у | к | е | ө | ж | ъ | щ | т |
| ь | ц | а | у | к | ъ | л | д | э | ф | ь |
| ю | ч | н | к | с | в | м | а | р | п | ю |
| б | х | п | ч | е | т | ө | ш | ө | к | б |

1. кире бериш
2. ________________
3. ________________
4. ________________
5. ________________
6. ________________
7. ________________
8. ________________
9. ________________

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**-да** мүчөсү

- шаар, айыл, короо
- тоо, жайлоо, бөлмө
- көчө, үй

\+ **-да** **-до** **-дө** → **КАЙДА?**

## Он экинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сөздөргө **-га, -ды, -да, -дан** мүчөлөрүн улап жазгыла.

1. Атам жумуш… барат.
2. Апам бөбөгүм… бала бакча… алып барат.
3. Мен чоң атам… жакшы көрөм.
4. Китеп… китепкана… алдым.
5. Иним 2-класс… окуйт.
6. Досум короо… ойноду.
7. Мен тапшырма… аткардым.

**2.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүп, жазгыла.

Белек беребиз, ырдайбыз, көңүлдүү өткөрөбүз, кубанычтуу, кооз гүлдесте, куттуктайбыз, чай ичебиз, торт,

**3. Үлгү** боюнча сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**
**Настя:** – Бул биздин үй-бүлө.
**Айдай:** – Бул ким?
**Настя:** – Бул – менин атам. Ал – айдоочу.
**Айдай:** – А бул сенин эжеңби?
**Настя:** – Ооба, эжем. Ал студент. Эжем Славян университетинде окуйт.
**Айдай:** – Бул агаңбы?
**Настя:** – Жок, бул менин досум.

**4.** Биз сабакта эмне кылабыз?


| | |
|---|---|
| **Ыр сабагында** → | эсеп чыгарабыз. |
| Математика сабагында | **ырдайбыз.** |
| Кыргыз тили сабагында | сүрөт тартабыз. |
| Дене тарбия сабагында | чуркайбыз. |
| Сүрөт сабагында | көнүгүү жазабыз. |

Тематикалык тапшырмалар:

«Биздин үй-бүлө», «Менин үй-бүлөдөгү милдетим», «Менин туулган күнүм» деген тексттерди айтып бергиле (тандоо боюнча 2 текст).

# Он үчүнчү сабак
# КҮЗ МЕЗГИЛИ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Сүйлөм түзгүлө.



**2.** Сөздөрдөн сүйлөмдөрдү түзгүлө.

**Үлгү:**
Берекелүү күз келди.

| | | |
|---|---|---|
| бай | | жыйналды |
| **берекелүү** → | **күз** → | саргайды |
| даректардын | жер бети | жерге түштү |
| күзүндө | түшүм | салкындады |
| | канаттуулар | **келди** |
| | жалбырактары | учуп кетишти |
| | күн | |

**3.** Текстти көркөм окугула. Которгула.

**түшө баштады** – стали осыпаться
**жер бети** – земля
**боёлду** – окрасились

**салкындады** – стало прохладно
**жел согуп** – продувает ветер
**жылуу тарап** – тёплая сторона
**түшүм** – урожай
**берекелүү** – щедрое

## КҮЗ МЕЗГИЛИ

Мына, күз да келди. Аба салкындады. Дарактардын жалбырактары түшө баштады. Жер бети алтын түскө боёлду. Муздак жел согуп, жаан жаап жатат. Келгин куштар жылуу тарапка учуп кетишти. Талаалардан, бакчалардан түшүм жыйналды. Күз – берекелүү мезгил.

**4.** Текст боюнча суроо түзүп, сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**
– Адилет, азыр кайсы мезгил келди?
– Азыр күз.

**5.** Сүйлөмдөрдү толуктап, жазгыла.

1. Күзүндө ...................... салкындады.
2. ...................... түшө баштады.
3. Алар ................., ................. жана ...................... .
4. Муздак ..................... согуп, жаап жатат.
5. ...................... түшүм жыйналды.
6. Күз ..................... мезгил.

**6.** Макалды окугула. Маанисин түшүнгүлө.

**Күзүндө чыгынбаган,**
**Кышында жылынбайт.**

**чыгынбаган** - непозаботивший
**жылынбайт** - не согреется

# Он төртүнчү сабак

## КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

**1.** Сүйлөмдөрдү түзгүлө.

**Үлгү:** Күз **келди.**
Күн …
Түн …
Аба-ырайы …
Жаан …
Жалбырактар …
Түшүм …

**2.** Сүйлөмдөрдү туура түзүп жазгыла.

1. Окуу, мектепте, башталат, күзүндө.
2. Келишти, окуучулар, 1-сентябрда, окууга.
3. Куштар, учуп, жылуу, кетишти, жактарга, келгин.
4. Жагат, мага, мезгили, күз, абдан.

**3.** Сөздөргө мүчөнү туура улап жазгыла.

Ал чоң атасына жардам бер **(-ды,-ди,-ду)**.
Короодон кооз жалбырактарды чогулт **(-ту,-тү,-ты)**.
Алёша жашылчаларды себетке сал **(-ди,-ду,-ды)**.
Жемиштер быш **(-ти,-ту,-ты)**.
Эжем дасторконго жемиштерди кой **(-ду,-дү,-ди)**.
Балдар жашылча-жемиштерди жууп жеш **(-ты,-ти,-ту)**.

**4.** Фильворддогу «Күз мезгили» деген темага тиешелүү сөздөрдү тапкыла.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| р | у | м | х | з | п | р | с | т | ф | ь | ю |
| щ | о | е | ь | ю | ф | ъ | э | м | б | ң | ф |
| к | ү | з | в | ь | ж | х | ө | л | е | ю | ү |
| ф | м | г | п | ж | а | л | б | ы | р | а | к |
| ы | т | и | ц | ь | а | ю | к | в | е | и | б |
| с | а | л | к | ы | н | ы | ы | а | к | т | м |
| ь | о | т | в | ф | ы | с | ө | о | е | л | д |
| ч | х | с | з | ч | л | т | ң | с | л | ө | я |
| а | щ | л | ж | э | х | т | ү | ш | ү | м | ө |
| ф | ь | з | ъ | ц | й | ю | ё | у | ү | й | х |

1. күз
2. ____________
3. ____________
4. ____________
5. ____________
6. ____________
7. ____________

**5.** Ырды окуп, маанисин түшүнгүлө.

**КҮЗ**

Кудум алтын түспөлдүү,
Сары көйнөк күз келди.
Берекелүү дасторкон –
Каптап калды бүт жерди.

*А. Бөдөшов, К. Эралиева*

**кудум** – как

**каптап калды** – покрыл

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**ЭТИШТИН ӨТКӨН ЧАГЫ**
**-ды,-ди, -ду, -дү**

**ЭМНЕ КЫЛДЫ?**
ойно**ду**, кел**ди**, жардам бер**ди**, черт**ти**, ойгон**ду**

Мектепте окуу башта**л**ды. Талаада эгин быш**ты.** Мен жемиш тер**дим**.

## Он бешинчи сабак
## ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШТЕР

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

**жөөк** – грядка
**көздү кубантат** – радует глаз

**буурчак** – горох
**жыргап жаткандай** – как бы радуется
**ашкабак** – тыква

## БИЗДИН БАКЧА

Бул – биздин бакча. Бакчада түрдүү жашылчалар жана жемиштер өсөт. Бакчада алмалар, алмуруттар жана чоң жаңгак дарагы бар. Мына сабиз менен пияз өскөн жөөк. Бакчанын четинде таттуу жүзүмдөр өсөт. Карагаттар, буурчактар, жүгөрүлөр көздү кубантат. Кызгылт сары ашкабактар күнгө жыргап жаткандай. Мына берекелүү күз да келди.

1. Бул эмне?
2. Бакчада кайсы жашылчалар өсөт?
3. Бакчада кандай жемиштер өсөт?
4. Алар кандай?
5. Силердин бакчаңар барбы? Ал кандай?
6. Тексттен созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү тапкыла.

**3.** Сүйлөмдөрдү которуп, жазгыла.

1. Мама купила сладкую дыню.
2. Мне нравится зелёное яблоко.
3. У деда на даче растёт много фруктов.

**4.** Табышмактарды окугула. Жообун тапкыла.

Эгин орулат,
Жалбырак саргаят,
Токоч толот,
Бул качан болот? *(зүк)*

Жапыз бойлуу,
Тогуз тондуу. *(зя-ип)*

Асты таш, үстү таш,
Ортосунда бышкан аш. *(к_г_аж)*

**5.** Ырды көркөм окугула.

## БИЗДИН БАКЧА

Биздин бакча гүл бакча,
Жер-жемиштин баары бар.
Ар бурчунан ар башка,
Каалаганың табылар.

Конок болуп дайыма,
Жекшембиде баргыла.
Айтар сөзүм даам татып,
Келип көрүп алгыла.

**гүл бакча** – цветущий сад
**ар бурчунан** – в каждом уголке
**каалаганың** – то, что хочешь
**даам татып** – попробовав на вкус

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР -аа, -оо, -өө, уу, -үү, -ээ**

## Он алтынчы сабак
## ТҮШҮМ МАЙРАМЫ

**1.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Бул кайсы мезгил?
2. Сүрөттө кимдер тартылган?
3. Алар кайда жүрүшөт?

**2.** Текстти окугула. Ким? Эмне? деген суроого жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.

**себеттерге** – в корзины
**каздык** – копали
**ыраазы болду** – была довольна

## ТҮШҮМ МАЙРАМЫ

**Сезим:**

– Ишемби күнү ата-энем менен чоң энемдикине бардым. Чоң энем айылда жашайт. Анын чоң багы бар. Биз түшүм жыйноого жардам бердик. Себеттерге алмаларды, алмуруттарды чогулттук. Картөшкө, сабиздерди каздык. Апам буурчак тазалады. Эжем карагат терди. Чоң энем бизге ыраазы болду. Жекшемби күнү биз түшүм майрамын өткөрдүк.

1. Сезим ишемби күнү кайда барды?
2. Сезимдин чоң энеси кайда жашайт?
3. Чоң энесинин бакчасы кандай?
4. Алар эмне кылышты?
5. Чоң энеси эмне деди?
6. Силер чоң энеңерге жардам бересиңерби?

**3.** Каталарды таап, туура жообун айткыла.

1. Ашкабактар бакта өсөт.
2. Биз буурчактарды тазаладым.
3. Алмаларды, алмуруттарды каздык.
4. Эжем карагаттарды тердик.
5. Чоң энем айылда жашайт.

**4.** Сөздөрдөн туура сүйлөм түзгүлө.

1. Көп, алдык, түшүм, жемиштерден, биз.
2. Чоң энеме, жыйноого, жарадам бердик, пияз, сабиз, жана.
3. Майрамын, кечээ, биз, түшүм, көңүлдүү, өткөрдүк.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**-лар, -лер, -лор, -лөр**
шаарлар, дептерлер, тоолор, төөлөр

**-дар, -дер, -дор, -дөр**
кыздар, эгиндер, коёндор, гүлдөр

**-тар, -тер, -тор, -төр**
мышыктар, жемиштер, тооктор, өрдөктөр

## Он жетинчи сабак
## ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ ДҮКӨНҮНДӨ

**1.** «Жашылча-жемиштер» деген тема боюнча сөздөрдү эстегиле.




**2.** «Жашылча-жемиш дүкөнүндө» деген темада сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**
– Саламатсызбы?
– Саламатчылык. Сизге эмне керек?
– Мага 1 кило жүзүм, 1 кило бадыраң бериңизчи.
– Мына, алыңыз. Сизден 75 сом.
– Ыракмат!
– Келип туруңуз.

**3.** Булар эмнелер? Сөздөргө -***лар*** мүчөсүн улагыла.



**4.** Суроолорго жооп жазгыла.

1. Кулпунайдын килосу канча турат?
2. Силерде жүзүмдүн кандай түрлөрү бар?
3. Мен өзүм тандап алсам болобу?

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**сурама -бы мүчөсү** → **-бы, -би, - бу, -бү**
Сен мектепке келесиңби?
Бул текстти которосуңбу?

**5.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Эжем дүкөнгө …
2. Ал алча, бүлдүркөн …
3. Дүкөнчүгө суроо…
4. Жемиштерди үйгө…
5. Аларды таза… жана муздаткычка …
6. Бөбөгүм экөөбүз эжеме ыракмат…

**6.** Ырды көркөм окугула. Жаттагыла.

### ШАБДАЛЫ

Шабдалы бышса жетилип,
Кармалбайт колго эзилип.
Бутакта турса тизилип,
Алмага окшош сезилип.

**бышса жетилип** – когда поспеет
**эзилип** – становится очень мягким
**тизилип** – висят рядами

### КАРА ӨРҮК

Кара өрүк,
Айтканга көнүп.
Кечирээк берет,
Мөмөсүн төгүп.

*Ч. Иманалиев*

**көнүп** – соглашаться
**кечирээк** – попозже
**төгүп** – одаривая

**БИЛИП АЛ!**

**Жашылча-жемиштерди таза жууп жегиле!**

## Он сегизинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Аларды көптүк санда айткыла.



**Үлгү:** Жалбырак + **тар**. Кайыңдын жалбырак**тары** абдан кооз, назик болот.

**2.** Окуп, эстеп калгыла.

алма
карагат
**жүзүм** → **тердик**
алча
жаңгак

картошке
сабиз
**пияз** → **каздык**
сарымсак

**3.** Каталарын тапкыла. Туура сүйлөмдөрдү жазгыла.

1. Биз буурчактарды казып алдык
2. Бакчада түрдүү жашылчалар өсөт.
3. Карагаттын өңү ак.
4. Чоң энеме түшүм жыйноого жардам бердик.
5. Алма жөөктө өсөт.
6. Коон абдан ширин болот

**4.** Диалогду суроолор менен толуктагыла.

– .........................................................?
– Биздин бакча абдан чоң.
– .........................................................?
– Ар түрдүү жашылча-жемиштер өсөт.
– .........................................................?
– Пияз, бадыраң, помидор – бул жашылчалар.
– .........................................................?
– Мен алма, алмурут, дарбызды абдан жакшы көрөм.

**5.** Фильворддогу сөздөрдү тапкыла.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| к | в | ф | а | ф | з | а | л | ч | а |
| о | у | а | ч | х | н | л | ъ | х | ч |
| **т** | **ү** | **ш** | **ү** | **м** | в | м | ё | з | я |
| д | я | к | с | х | в | а | ы | ж | с |
| ж | э | а | з | ш | ъ | ы | п | э | м |
| т | ь | б | а | д | ы | р | а | ң | д |
| б | ю | а | н | г | н | е | к | п | р |
| р | э | к | а | п | у | с | т | а | о |

1. түшүм
2. ____________
3. ____________
4. ____________
5. ____________
6. ____________

Тематикалык тапшырмалар:

«Күз мезгили», «Түшүм майрамы», «Жашылча-жемиш дүкөнү», «Биздин бакча» деген тексттерди айтып бергиле (тандоо боюнча 2 текст).

## Он тогузунчу сабак
## АДАМДЫН КЕЛБЕТИ, МҮНӨЗҮ

**1.** Балдарды сүрөттөгүлө.



1. ______________________
2. ______________________
3. ______________________
4. ______________________

**2.**



1. ______________________
2. ______________________
3. ______________________
4. ______________________

**3.** Сүрөт боюнча апалардын келбетин айтып бергиле.



**4.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**бакыракай** – большеглазая
**орто бойлуу** – среднего роста
**шайыр** – весёлая
**токтоо** – спокойный

## МЕНИН АПАМ

**Алтынай:**

Менин апамдын аты – Жаркынай. Ал – сулуу аял. Анын чачы кара. Көздөрү бакыракай. Кирпиктери узун. Апам орто бойлуу. Мүнөзү ак көңүл, шайыр, абдан мээримдүү. Мен апакемди жакшы көрөм.

1. Сенин апаңдын аты ким?
2. Ал кандай адам?
3. Анын чачы, көзү, кирпиктери кандай?
4. Апаңдын бою кандай?
5. Анын мүнөзү кандай?

**5.** Ырды көркөм окуп, маанисин айтып бергиле

### АПАКЕ

Кулунуңмун, апаке,
Күндө жеген кам каймак.
Чымчыгыңмын, апаке,
Чырлыйт-чырлыйт деп
сайрап.

Каркырадай апакем
Таң менен кошо ойгонгон.
Картайбачы эч качан,
Кайгыны эч бир ойлонбой.

*Р. Мукашева*

**кулунуңмун** – я твой жеребёнок
**кам каймак** – сливки
**чырлыйт-чырлыйт** – чирк-чирк
**каркырадай** – здесь: красивая
**таң менен кошо** – вместе с рассветом
**картайбачы** – не старей
**кайгыны** – горя
**ойлонбой** – не думая

## Жыйырманчы сабак
## АДАМДЫН КЕЛБЕТИ, МҮНӨЗҮ

**1.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Сүрөттө кимдер тартылган?
2. Алардын дене түзүлүшү кандай экен?

**2.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**балбан** – силач
**булчуң** – мышца
**толук** – здесь: крепкие

**1-үлгү:**

– Азим, сенин байкең бокско катышабы?

– Ооба, ал боксёр. Ал абдан күчтүү, балбан жигит.

– А өзүң спортко катышасыңбы?

– Ооба, мен күрөшкө барам. Байкемдей күчтүү, булчуңдарым толук болсо дейм.

**2-үлгү:**

– Сабина, сен спортко кызыгасыңбы?

– Ооба, мен балетке барам. Белгилүү балерина болсом дейм. А сенчи, Фарух?

– Мен болсо футбол ойнойм. Белгилүү футболчу болсом дейм.

– Азаматсың, Фарух. Спорт – ден соолукка пайдалуу.

**3.** Текстти окуп, Кандай? деген суроого жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.

**турмушта** – в жизни
**ачык мүнөз** – открытая
**эстелик** – памятник

## БҮБҮСАРА БЕЙШЕНАЛИЕВА



Б. Бейшеналиева – кыргыз элине белгилүү балерина. Ал Аламүдүн районундары Таш-Дөбө айылында туулган. Турмушта Бүбүсара акылдуу, жылдыздуу, ачык мүнөз, шайыр, жөнөкөй адам болгон. Бишкекте Бейшеналиева атындагы көчө, эстелиги бар. Кыргыз Мамлекеттик искусство институту Бейшеналиеванын атын алган.

1. Б. Бейшеналиева ким болгон?
2. Ал кайда туулган?
3. Анын туулган айылы кайсы?
4. Бүбүсаранын мүнөзү кандай болгон?
5. Анын атында эмнелер бар?

**4.** Ырды көркөм окугула.

Бир туруп гүлгө айланып
чимирилип,
Бийлейсиң эл астында ийилип.
Көпкө чейин тиктей бердик
суктанып,
Музыка толкунуна берилип.

*Ш. Мамбетаипова*

**чимирилип** – кружась
**ийилип** – наклоняясь
**тиктей бердик суктанып** – смотрели очарованно

## Жыйырма биринчи сабак
## КИЙИМ-КЕЧЕ

**1.** Сүрөт боюнча кийимдердин аталышын эстегиле. Баланын жана кыздын кийимдеринин түсүн атагыла.



**2.** Сөз айкаштарын түзгүлө.

| **Кандай?** | **Эмне?** |
|---|---|
| кооз | жагоо |
| кызыл | көйнөк |
| узун | **бут кийим** |
| кыска | туфли |
| **жалпак такалуу** | кур |
| гүлдүү | шым |
| лакталган | өтүк |
| ак | күрмө |
| бийик такалуу | моюн орогуч |
| сыя көк | |

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Бул баланын аты ........................... .
Анын көйнөгү ........................... .
Жагоосу .............................. .
Курунун өңү ......................... .
Бут кийими болсо жалпак такалуу
Анын өңү .................... .
Баланын кийимдери ...................... .

**Үлгү** боюнча өзүңөрдүн кийимдериңерди сүрөттөгүлө.

**4.** Текстти окугула. Кандай? деген суроого жооп берген сөздөрү көрсөткүлө.

**чоңдор үчүн** – для взрослых
**иним экөөбүзгө** – нам с братиком
**гүлдүү** – с цветочками
**кубанычтуу** – радостные
**кайттык** – вернулись

## КИЙИМ-КЕЧЕ ДҮКӨНҮНДӨ

Биздин үйдүн жанында кийим-кече дүкөнү бар. Мында ар кандай кооз кийимдер сатылат. Дүкөндөн балдар жана чоңдор үчүн кийимдерди сатып алса болот. Атам менен апам иним экөөбүзгө кийим алып беришти. Иниме ак көйнөк, кара шым, ак бут кийим алышты. Мага болсо татынакай кызгылт сары бант жана гүлдүү калпак сатып

беришти. Атама көк түстөгү жагоо, апама кооз көйнөк сатып алышты. Биз дүкөндөн кубанычтуу кайттык.

1. Үйдүн жанында эмне бар?
2. Анда эмнелер сатылат?
3. Дүкөнгө кимдер барышты?
4. Алар эмне сатып алышты?

## Жыйырма экинчи сабак
## КИЙИМ-КЕЧЕ. ТАЗАЛЫК

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Мында эмнелер тартылган?





1. Биринчи сүрөттө эмне тартылган?
2. Тазабектин бөлмөсү кандай?
3. Жалкообек кандай экен?
4. Экинчи бөлмө кимдики?
5. Жалкообек өзү кандай экен? А кийимдеричи?

**2.** Сөз айкаштарын тапкыла.

| **Тазабек** | колу-бети кир, колу-бети таза, татынакай, жарашыктуу, эмгекчил, жалкоо, тазалыкты сүйөт, кийимдери чачылган, кийимдери илинген. | **Жалкообек** |
|---|---|---|

**3.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

**ачык түстөгү** – в светлых тонах
**эмгекчил** – трудолюбивый
**тазалыкты сүйгөн** – любит чистоту

## МЕНИН КОШУНАМ

**Сергей:**

– Менин кошунам Акжол 8 жашта. Ал №5-мектепте окуйт. Анын көйнөк, шым, күрмөсү дайыма таза. Ал өңү ачык түстөгү кийимдерди жакшы көрөт. Мектептен келгенде күрмөсүн илгичке илет. Бут кийимин өзү тазалайт. Акжол – эмгекчил, тазалыкты сүйгөн бала.

1. Акжол кимдин кошунасы?
2. Ал канча жашта?
3. Ал кайда барат?
4. Акжол кандай бала?

**4.** Ырды көркөм окугула. Жаттап алгыла.

## ТАРБИЯЛУУ БАЛА

Бачым-бачым кийинип,
Мектепке эрте барамын.
Тентек кылбай сабакта
Эже тилин угамын.

Күндө келип үйүмө,
Тапшырманы жазамын.
Кийимдерди тазалап
Шкафтарга саламын

*А. Маделиев*

**бачым** – быстро
**тентек кылбай** – не шаля

**5.** Макалды окугула. Маанисин түшүнгүлө.

**аста-аста** – здесь: очень не скоро
**бир паста** – в один миг

**Жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста.**

## Жыйырма үчүнчү сабак

# МЕНИН КЛАССТАШЫМ

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**Жоон үндүүлөр а, о, у, ы,**

КИЧИ ПЕЙИЛ → БАЛА
КИЧИ ПЕЙИЛ → КЫЗ

МЕНИН ДОСУМ → КИЧИ ПЕЙИЛ
МЕНИН КЛАССТАШЫМ → КИЧИ ПЕЙИЛ
МЕНИН БӨБӨГҮМ → КИЧИ ПЕЙИЛ

**1.** Сөз айкаштарын түзгүлө. Жоон үндүүлөрдүн астын сызгыла.

**ишеничтүү** – надёжный
**кичипейил** – уважительный
**берешен** – щедрый

| **Кандай?** | **Ким?** |
|---|---|
| кичипейил | дос |
| **берешен** | классташ |
| эмгекчил | кошуна |
| жакын | кыз |
| ишеничтүү | **бала** |
| тарбиялуу | окуучу |

**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

## МЕНИН КЛАССТАШЫМ

**Атай:**

– Досум Андрей – менин классташым. Экөөбүз кошуна үйдө жашайбыз. Андрей – кичипейил, берешен бала. Биз бирге эс алабыз. Күрөшкө да чогуу барабыз. Ал дайыма улуу адамдарга жардам берет. Андрейдин ушундай мүнөзү үчүн баары жакшы көрүшөт. Мен досум менен сыймыктанам.

1. Атайдын классташы ким?
2. Андрей кандай бала?
3. Атай менен Андрей бирге эмне кылышат?
4. А сенин досуң ким? Ал жөнүндө айтып бер.

## Жыйырма төртүнчү сабак
## МЕНИН ДОСУМ

**1.** Силер досуңар менен бирге эмне кыласыңар? Берилген диаграмманы толтургула.




**2.** Ырды көркөм окугула. Маанисин түшүнгүлө

### МЕНИН ДОСУМ НАГИМА

Нагима деген досум бар,
Үстү-башын булгабайт.
Дүкөндөрдөн көйнөктү,
«Сатып бер» деп кыйнабайт.

**үстү-башын** – одежду

Башкалардай такылдап,
Ал сүйлөбөйт жалганды.
Ата-энесин кубантып,
Дайым берет жардамды.

**такылдап** – без остановки

Өз алдынча опоңой,
Көлдө билет сүзгөндү.

**опоңой** – легко
**билет сүзгөндү** – умеет плавать

Адат кылды өзүнө,
Дайыма таза жүргөндү.

**адат кылды** – привыкла

*Э. Токоев*

**3.** Сенин досуңа тиешелүү сөздөрдү колдонуп, аңгеме түзгүлө

## МЕНИН ДОСУМ

акылдуу, жалкоо, берешен, сулуу, узун бойлуу, сараң (жадный), орто бойлуу, ишеничтүү, классташым, кошунам, кыска бойлуу, тазалыкты жакшы көрөт, көп кечигет, күлкүчү, жаман, жардам берет, шашма (торопливый), чачы кара, чачы сары, көздөрү бакыракай, арык, толук, китепти көп окуйт, китепти аз окуйт.

**Үлгү:** Менин досум абдан **сулуу**. Анын **көздөрү кара**.

## Жыйырма бешинчи сабак
## КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

**1.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Бул эмне?
2. Анын кандай кийимдери бар экен? Өңү-түсүн атагыла.
3. Куурчактарга ат койгула.
4. Куурчагыңды же оюнчугуңду сүрөттөп бер.

**2.** Котормосун жазгыла.

1. У сестры красивые глаза.
2. В магазине купили синий галстук.
3. Мне нравятся белые брюки.
4. Его папа высокий.
5. Доктор в белом халате.

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Бул ......... мышык. Ал ........... . Мүнөзү ............ . Менин байкем ................ . Анын бою .............. Көздөрү .............. . Ал ............. жакшы көрөт. Куурчактын көйнөгү ............ . Чачтары ............... .

**Керектүү сөздөр:** *сары, кара, узун, кыска, кооз, жашыл, гүлдүү, калпакты, лакталган бут кийимди, бакыракай, акылдуу, жакшы, эмгекчил, шайыр, жылдыздуу, жөнөкөй, кичинекей, токтоо.*

**4.** Жомоктогу сүрөттөрдү чечмелеп окугула.

**чаар тоок** – курочка ряба
**сындыра албайт** – не разбил(-а)

## ЧААР ТООК

Илгери-илгери  жана  жашаптыр.

Алардын чаар  бар экен.

Бир күнү тоок алтын  тууйт.

  аны сындыра албайт...

1. Ким билет, жомок кантип бүтөт? Уланткыла.
2. Бул кайсы элдин жомогу?
3. Дагы кандай жомокторду билесиңер? Аларды атагыла.

## Жыйырма алтынчы сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Табышмактарды окуп, жообун тапкыла.

Ак, бирок кар эмес,
Таттуу, бирок бал эмес.
*(Кад-зум-лаб)*

Капкара курсагы бар,
Укпаган кулагы бар.
*(наз-ак)*

**2.** Сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** Менин байкемдин келбети татынакай.

Байкемдин келбети
классташымдын кийими
менин досум
узун бойлуу
ак көңүл кыз
кичипейил бала

**3.** Сөздөргө ***-ым*** мүчөсүн улагыла.

**Үлгү:** көздөр**үм**

Дене, кол, мүнөз, көздөр, калпак, мээлей, шым, тон, алакан, дос, классташ, топу, кошуна, кур, бут кийим.


**4.** Ашык сөздү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Жылдыздуу | Кур | Кара чачтуу |
| Ак көңүл | Жагоо | Бакыракай |
| Кыска бойлуу | Күрмө | Сулуу |
| Берешен | Тумак | Татынакай |
| Ишеничтүү | Айран | Жалкоо |

**5.** Бул эмнени билдирет? Сөздөрдү таап, оюнду уланткыла.

1. Чоң, сары, ысык, жарык – **КҮН.**
2. Кызыл, тоголок, таттуу - ?
3. Акылдуу, керектүү, төрт бурчтуу - ?
4. Муздак, таттуу, ак - ?
5. Бийик, ачык, бүркөк - ?

**6.** «Адамдын келбети жана мүнөзү» деген темада сөздөрдү тапкыла.




**Туурасынан:**

1. Моюнга тагылат
2. Куурчактын көздөрү
3. Кыска - …

**Тигинен:**

1. …. бут кийим
2. адамдын мүнөзү, ...

Тематикалык тапшырмалар:

«Менин апам», «Менин досум», «Кийим-кече дүкөнү» деген тексттерди айтып бергиле (тандоо боюнча 2 текст).

# II ЧЕЙРЕК

## Жыйырма жетинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сөз айкаштарын улап, сүйлөм түзгүлө.

Шаардагы үйлөр …
Кызыктуу китеп …
Күз мезгили …
Кооз жалбырактар …
Мектеп короосу …
Менин апакем …
Байкемдин көйнөгү …
Атамдын күрмөсү …
Менин бут кийимим …
Эжемдин чачы …
Анын көздөрү …

**2. -лар** мүчөсүн улап жазгыла.

1. Бизде мектеп… көп.
2. Класста парта…, шкаф…, отургуч… жана сүрөт… бар.
3. Үй-бүлө мүчө…үнүн милдеттерин окудук.
4. Жерге жалбырак… түштү.
5. Бакчадан жашылча… жана жемиш… жыйналды.
6. Дүкөндөн таттуу алма…ды, жүзүм…дү алып келди.
7. Анын кирпик…и татынакай.
8. Досум кызыккан сабак… сүрөт жана англис тили.

**3.** Кайсы тамгалар жок, тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| т_ш_м | Б_л_м кенч_ – м_кт_п | Ак_лд__ |
| салк_н | Ак кө_үл | Д_сум |
| _й-бүл_ | Бер_ш_н | Ок__ к_р_лд_ры |

**4.** Сүйлөмдөрдү окугула.

1. Мен жомок китеп **окудум**.
2. **Окуучулар** мектепке келишти.
3. Сен китепти көп **окушуң** керек дейт атам.
4. **Окуубуз** 1-сентябрда башталат.
5. Менин жакшы **окутуучум** бар, – деди атам.
6. Чоң атам **окумуштуу** адам.
7. Ал балдарга физиканы **окутат**.

## Жыйырма сегизинчи сабак
## МЕНИН КҮН ТАРТИБИМ

**1.** Окугула.

### МЕНИН КҮН ТАРТИБИМ

| Менин атым Нурдин. 9 жаштамын. 3-класста окуймун. Бул менин күн тартибим. | |
|---|---|
| **07.00** | Турам, төшөгүмдү жыйнайм, жуунамын. |
| **07.30** | Эртең мененки тамагымды ичем. |
| **07.40** | Мектепке жөнөйм. |
| **08.00дөн 12.00гө чейин** | Мектепте сабакта болом. |
| **12.30дан 14.00гө чейин** | Үйгө келем,түшкү тамагымды ичем, апама жардам берем. |
| **14.00дөн 16.00гө чейин** | Музыкалык мектепке барам. |
| **16.00дөн 18.00гө чейин** | Үйгө келем, эс алам, сабак окуйм. |
| **18.00дөн 21.00гө чейин** | Телевизор көрөм, музыка угам, кечки тамагымды ичем. |
| **21.00** | Жуунам, уктоого камданам. |

**2.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Нурдин канчада турат?
2. Эртең мененки тамагын канчада ичет?
3. Мектепке саат канчада барат?
4. Мектептен канчада келет?
5. Кечки тамагын канчада ичет?
6. Ал качан эс алат, телевизор көрөт?
7. Нурдин канчада жатат?
8. Сабакка качан даярданат?
9. Үй тапшырмаларын канчада аткарат?

Өзүңөрдүн күн тартибиңерди айтып бергиле.

**3.** Берилген убакытка ***-дан, -га*** мүчөлөрүн улап жазгыла.

Саат 8…10… чейин.
Саат 11… 13… чейин.
Саат 14… 18… чейин.
Саат 20… 21… чейин.
Саат 21… 22… чейин.

**4.** Бул сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

| | | |
|---|---|---|
| **Мен** → | **түштө** → | жуунам. |
| | кечинде | эс алам. |
| | эртең менен | **сабак окуйм.** |
| | | спортко катышам. |
| | | жардам берем. |
| | | тамактанам. |

**5.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.


1. Апам саат ................. **-дан** ......................**-ге** чейин жумушта.
2. Досум мектепке саат .................**-да** барат. Анын сабактары ..........................**-га** чейин.
3. Биздин үй-бүлө саат .....................**-да** тамактанат.

**6.** Өзүңөрдүн күн тартибиңерди жазып, окуп бергиле.

# Жыйырма тогузунчу сабак

## УБАКЫТ. СААТ

**1.** «Эмне качан болот?» деген темада сүйлөм түзүп, окугула.

| | | |
|---|---|---|
| Мультфильм |  | болот |
| Апам | | келет |
| Мен | | турам |
| “Кичинекей мук” деген кино | | болот |
| “Ак куу көлү” балети | | башталат |
| Атам | | иштейт |
| Бөбөгүм бакчадан | | келет |
| Досум катты | | жазды |

**2.** Схема боюнча сүйлөмдөрдү окуп, жазгыла.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бүгүн | 1-сабак<br>2-сабак<br>3-сабак<br>4-сабак | математика<br>окуу<br>кыргыз тили<br>ыр | Ал саат | .........<br>.........<br>.........<br>......... | башталат. |

**Үлгү:**

Бүгүн **биринчи сабак** орус тили. Ал **саат сегизде** башталат.

**3.** Сүйлөмдөрдү которгула.

1. Мама встает рано. Она работает до 5 часов вечера.
2. Старший брат учится до 12 часов.
3. Мы в парке гуляем до обеда.
4. До 12 смотрели интересный мультфильм.

**4.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

1. Башталат, сабак, сегизде, саат.
2. Биз, көрдүк, кино, кызыктуу, кечинде.
3. Досум, барат, күрөшкө, эртең менен, тогузда.
4. Апам, келет, менен, атам, беште, жумуштан, кечки саат
5. Чоң атам, келет, биздикине, түштө, менин.

## Отузунчу сабак
## УБАКЫТ. АПТА КҮНДӨРҮ

**1.** Сүйлөмдөрдү толуктап окугула.

| | |
|---|---|
| **1. Мен бүгүн …** | киного барасызбы? |
| 2. Сен эртең… | конокко барабыз. |
| 3. Сиз бүрсүгүнү… | театрга барышат. |
| 4. Биз ишембиде | каникул башталат. |
| 5. Балдар дүйшөмбүдө… | **чоң энеме барам.** |
| 6. Жума күнү… | келесиңби? |
| | музейге барабыз |

**2.** Туура жообун тапкыла.

| | |
|---|---|
| Мурда күнү чоң энеме барам. | |
| **Бүгүн беш сабак болду.** | |
| Эртең киного бардым. | **Туура** |
| Бүрсүгүнү китепканага барам. | Туура эмес |
| Бүгүн күн салкын болду. | |
| Эртең апам жумушка эрте кетти. | |

**3.** Үлгүнү окуп, таблицаны толтургула.

**Үлгү:**

Алёна ишемби күнү чоң атасына барат.
Сахиб шейшемби күнү футбол ойнойт.

| | **Эмне кылат?** | | |
|---|---|---|---|
| **Ким?** | **Алена** | **Сахиб** | **Мен** |
| **дүйшөмбү -дө** | музыкага барат | | Комуз ийримине барам |
| **шейшемби -де** | | футбол ойнойт | атама жардам берем |
| **шаршемби -де** | | | сууга түшөм |
| **бейшемби -де** | | | үй жыйнайм |
| **жума -да** | | | байкем менен базарга барам |
| **ишемби -де** | чоң атасына барат | эс алат | эс алам |
| **жекшемби -де** | эс алат | | чоң энеме барам |

**4.** Мааниси карама-каршы сөздөрдү (антоним) жазгыла.

**Үлгү:**

**азыр – анан**

Бүгүн, азыр, эртең менен, түн, кечээ, анан, кечинде, күн, эс алат, жардам берет, жалкоолонот, эмгектенет.

**5.** Сүйлөмдү толуктагыла

1. Апам жекшемби күнү базарга ......................... .
   Ал таттуу алмаларды .................... .................. .
2. Чоң энем шаршемби күнү биздикине конокко ................. . Биз ага абдан .................... .
3. Байкем жума күнү пансионатка ......................... .
   Ал жактан көлгө ......................... .
4. Иним кечээ бакчага ........................ .
   Алар бакчада көңүлдүү ........................ .

**Керектүү сөздөр:** *сатып алат, кубанабыз, барды, ойношту, барат, келди, кетет, түшөт.*

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| | |
|---|---|
| 1. **Кайсы** күнү? | **Шейшемби** күнү |
| 2. **Качан?** | Жума күнү **эртең менен** |
| 3. Канча**нчы** күнү? | Бири**нчи** күнү |

## Отуз биринчи сабак

## КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

**1.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Жыл мезгили, айлар жана ............... .
Күндөр жана ................... .
Дүйшөмбү, шейшемби жана ................... .
Ишемби жана ................... .
Сууга түшөм жана ............................ .
Дүкөнгө барам жана ..................... .

**Керектүү сөздөр:** *ойнойм, эс алам, жекшемби, шаршемби, сааттар, күндөр.*

**2.** Которгула.

1. В понедельник и в среду 5 уроков.
2. В субботу утром поеду к дедушке.
3. Во вторник после обеда у меня уроки.
4. Мама приедет в воскресенье вечером.
5. Старший брат в пятницу утром уедет в Сары-Челек.
6. Мы с другом в понедельник днём идём в кино.

**3. -мын** мүчөсүн улагыла.

1. Мен саат 1де сабакка бара…
2. Класста активдүү иштей…
3. Дептерге көнүгүүлөрдү жаза… жана текстти окуп которо…
4. Колумду көтөрүп, жооп бере…
5. «5» алам деп ойлой…
6. Мен абдан аракеттене…
7. Кечинде үйгө келе…

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**-мын** мүчөсү → **-мын** **-мин** **-мун** **-мүн**

4. Сүйлөмдөгү сандарды сөз менен жазгыла.

1. Эжем саат 8ден 12ге чейин университетте.
2. Апам саат 5ке чейин жумушта болот.
3. Мен сабактарымды саат 19га чейин жасаймын.
4. Кечкисин үй-бүлөбүз менен саат 22ге чейин телевизор көрөбүз.

5. Фильворддогу апта күндөрүн тапкыла.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| л | а | ф | с | д | щ | и | ж | с | б |
| м | т | б | ю | ү | о | ю | у | ч | ф |
| ч | с | б | е | й | ш | е | м | б | и |
| ф | ю | х | м | ш | г | з | а | х | е |
| к | ү | н | д | ө | р | а | с | т | ь |
| я | у | к | с | м | у | м | о | п | р |
| и | ш | е | м | б | и | ц | к | с | т |
| ы | ф | с | э | ү | а | й | л | ж | я |

1. күндөр
2. ____________________
3. ____________________
4. ____________________

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**.... чейин (до ....)** →

**-га чейин** (убакыт)
Саат бешке чейин окуйбуз.
Саат тогузга чейин сабак окуйм.

**-га чейин** (аралык)
Бишкекке чейин 80 километр.
Мектепке чейин автобус барат.

## Отуз экинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

Келемин, мектептен, саат, түштө, он эки жарымда.
Апама, берем, жардам, үйдө, мен.
Көрөм, эс аламын, даярдап коюп, сабакты, мультфильм, жана.
Ишембиде, чоң атама, барамын, эртең менен.
Тамакты, атам, ичебиз, экөөбүз, чогуу, түштө.

**2.** Диалогду суроолор менен толуктагыла.

1. ______________________________?
   Бүгүн күн жылуу болду.
2. ______________________________?
   Сабактар саат сегизде башталат.
3. ______________________________?
   Эртең менен сүт ичтик.
4. ______________________________?
   Кечинде ата-энеме жардам берем.

**3.** Кулактандырууну окугула.



Үлгү боюнча кулактандыруу жазгыла.

**жоготтум** – потерял(-а)
**короочу ит** – дворняга
**тапса** – если найдёт

***ЖАРЫЯ***

***Жекшемби күнү түштө парктын ичинен кичинекей итимди жоготтум. Анын аты Апакай. Короочу ит. Өңү күрөң, кулагы ак, кичинекей.***

***Мүнөзү мээримдүү. Ким менин итимди тапса 79-74-33 телефонуна чалып койсоңор.***

***Иттин ээси Азамат***

79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33 | 79-74-33

**4.** «Менин күн тартибим» деген темада сүйлөшкүлө. Кебиңерди дептерге жазгыла.

**Үлгү:**

– Салам, Наташа.
– Саламатчылык, Назгүл. Кандайсың?
– Ыракмат, жакшы. Иштериң кандай?
– Абдан жакшы. Назгүл, эртең китепканага баралычы. Бошсуңбу?
– Ооба. Мен саат 12де мектептен келем. Тамактанып алып баралы.
– Макул.
– Болуптур. Жакшы бар.
– Көрүшкөнчө!

№ 1 Тесттик тапшырма

**I. Туура жообун тапкыла. Качан? Кандай?**

а) экинчи, акылдуу
б) жайында, көңүлдүү
в) кечээ, кыздар
г) отургуч, ата-энелер

**II. Кайсы сөздөр көптүк санда?**

а) мектебим, дептер
б) калем сап, бак
в) китепкана, жардамчы
г) окуучулар, дарактар

**III. Кайсы сүйлөмдө ката бар?**

а) Мен ата-энеме жардам берем.
б) Биздин үй төрт бөлмөлүү.
в) Күзүндө күн абдан ысык.
г) Жашылча-жемиштерди жууп жейбиз.

Тематикалык тапшырмалар:

«Менин күн тартибим», «Апта күндөрү» деген тексттерди айтып бергиле.

## Отуз үчүнчү сабак
# ТАМАК-АШТАР

**1.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Бул кимдер?
2. Алар эмне кылып жатышат?
3. Идиштерде эмнелер бар?

**2.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**коюу тамак** – второе блюдо
**суюк тамак** – жидкое блюдо
**куурулган** – жареное
**пайдалуу** – полезное
**жеңил тамак** – лёгкая пища
**сорпо** – бульон (суп)
**жактырат** – нравится

**Үлгү:**

– Айдар эмне жейт?

– Айдар куурулган картөшкө жана жумуртка жейт. Ал коюу тамакты жакшы көрөт.

– Бөбөк эмне ичет?

– Бөбөк сүт ичет. Анткени сүт ден соолукка пайдалуу.

– Айнаш эмнени жакшы көрөт?

– Айнаш суюк тамакты жакшы көрөт. Баарынан жакшы көргөнү – күрүч сорпо. Жемиштерди жактырат. Анткени, аларда пайдалуу витаминдер көп.

**3.** Эмнени жейбиз, эмнени ичебиз? Үлгү боюнча айткыла.

**Үлгү:** Мен чай ичем. Мен нан жейм.

| | |
|---|---|
| Нан | |
| Каймак | |
| Сүт | ичем |
| Эт | |
| Сорпо | жейм |
| Айран | |
| Чай | |
| Балык | |

**4.** Текстти окуп, сүйлөп бергиле.

**таруу ботко** – пшённая каша
**күрүч ботко** – рисовая каша
**быштак** – творог
**момпосуй** – конфета
**кээде** – иногда

**Үлгү:**
**Кубаныч:**

– Мен эртең менен таруу же күрүч ботко жейм. Кээде сүттүү чай же кофе ичем. Апам мага түштө дайыма суюк тамак ич дейт. Мен анын сөзүн угам. Момпосуйду көп жебейм. Бирок балмуздакты жакшы көрөм. Кечинде жеңил тамак ичем. Айран, быштакты да жакшы көрөм.

| | | |
|---|---|---|
| Эртең менен<br>Түштө<br>Кечинде | ...............................<br>...............................<br>............................... | ичем<br>жейм |

Сен кандайча тамактанасың?

**5.** Сүрөттөрдү чечмелеп, суроолорго жооп жазгыла.



1. Сенин атаң эмнени жакшы көрөт?
2. Сенин ..... эмнени жакшы көрөт?
3. Сенин ..... жана ..... эмнени жакшы көрөт?

## Отуз төртүнчү сабак
## АЗЫК-ТҮЛҮК

**1.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Бул эмне?
2. Анын ичинде эмнелер бар?

**2.** Сөз айкаштарын окугула.

| | |
|---|---|
| эң сонун, жакшы | сакталат |
| сүт, эт, бышкан, даяр | азык-түлүк |
| туздалган | бадыраң, помидор, капуста, балык, эт |

**3.** Текстти окуп, сүйлөп бергиле.

**чийки** – сырое
**даяр тамак** – готовая пища
**туздалган** – солёное
**бөлүгү** – отдел

## БИЗДИН АШКАНА

**Аня:**

– Бул биздин ашканабыз. Анда стол, текчелер жана чоң муздаткыч турат. Муздаткычта чийки эт, даяр тамактар, сүт азыктары, туздалган азыктар жана суусундуктар сакталат. Жашылча-жемиш салган бөлүгү да бар. Мында азыктар көпкө чейин жакшы турат.

1. Бул кимдин ашканасы?
2. Ашканада эмнелер бар?
3. Муздаткычта эмнелер сакталат?
4. Муздаткычта азыктар кандай сакталат?

**4.** Сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө.

Бышкан эт, сүт азыктары, туздалган бадыраң, даамдуу салат, пайдалуу азык, жүзүм ширеси.

**5.** Азыктардын түрлөрүн эстегиле.



**ЭСИҢЕ ТУТ!**

(мен) МАГА
(сен) САГА
(ал) АГА

→

**ботко**
**суюк тамак**
**коюу тамак**
**палоо**
**беш бармак**
**борщ**
**каттама**
**нан менен май**
**бутерброд**

→

жагат
жакпайт


## Отуз бешинчи сабак
## АЗЫК-ТҮЛҮК ДҮКӨНҮНДӨ

**1.** Сүйлөмдөрдү окугула.

**азыктар** – продукты питания
**азык-түлүк** – продуктовый

| | | |
|---|---|---|
| Дүкөндө | нан азыктары<br>сүт азыктары<br>эт азыктары<br>суусундуктар | сатылат |

**2.** Сүрөттөгү сөздөрдү кайталагыла. Суроолорго жооп бергиле.


**Нан**


**Суусундуктар**


**Сүт азыктары**


**Эт азыктары**

1. Бул эмне?
2. Мында эмнелер бар?
3. Дүкөндөн эмне сатып аласыңар?

**3.** Толуктап айткыла.

| Нан | Эт азыктары | Сүт азыктары | Суусундуктар |
|---|---|---|---|
| кара нан | жылкынын эти | каймак | максым |
| .................... | .................... | .................... | .................... |
| .................... | .................... | .................... | .................... |
| .................... | .................... | .................... | .................... |
| .................... | .................... | .................... | .................... |
| .................... | .................... | .................... | .................... |

**4.** Которгула.

1. Вот магазин.
2. Здесь продаются продукты питания.
3. Я покупаю хлебные, молочные изделия и напитки.
4. Мне нравится этот магазин.

**5.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**керектүү** – нужное, необходимое
**бөлүмү** – отдел

## АЗЫК-ТҮЛҮК ДҮКӨНҮНДӨ

Биздин үйдүн жанында азык-түлүк дүкөнү бар. Мында ар кандай керектүү азыктар сатылат. Нандын түрлөрү, таттуу токочтор, торттор сатылат. Эт азыктары бөлүмүндө уйдун, койдун, тооктун эттери бар.

Суусундук саткан бөлүмдө минералдык суулар жана ширелер сатылат. Бул дүкөнгө кишилер көп келет.

1. Азык-түлүк дүкөнү кайда?
2. Анда эмнелер сатылат?
3. Нан бөлүмүндө эмнелер бар?
4. А эт азык бөлүмүндөчү?
5. Кандай суусундуктар сатылат?
6. Сенин үйүңдүн жанында кандай дүкөн бар?

**6.** Ашык сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Нан | Жылкынын эти | Каймак |
| Токоч | Койдун эти | Нан |
| Торт | Балыктын эти | Айран |
| Шире | Чочконун эти | Быштак |
| Кара нан | Тооктун эти | Йогурт |

**7.** Диалогду жооптор менен толуктагыла.

– Саламатсызбы?
– ___________________________.
– Сүт бүгүнкүбү?
– ___________________________.
– Сүт канча турат?
– ___________________________.
– Нан жаңыбы?
– ___________________________.
– Канча сом төлөйм?
– ___________________________.

## Отуз алтынчы сабак
## КИЧИНЕКЕЙ АШПОЗЧУ

**1.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.



1. Бул кайсы бөлмө?
2. Булар кимдер?
3. Апасы эмне кылып жатат?
4. Баласы эмне кылып жатат?

**2.** Сөздөрдү туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Нан | |
| Эт | **аарчыйбыз** |
| **Картөшкө** → | |
| Пияз | туурайбыз |
| Капуста | |
| Манты | сыйпайбыз |
| Май | |
| Сабиз | түйөбүз |
| Тооктун эти | |

**3.** Текстти окугула. Сүйлөп бергиле.

**аарчып** – чистить
**тууraганды** – шинковать, резать
**эркелетет** – ласкает
**манты түйөт** – лепит манты
**бактылуу бол** – будь счастлив

## КИЧИНЕКЕЙ АШПОЗЧУ

**Султан:**

– Иним апама жардам бергенди жакшы көрөт. Ал картөшкө аарчып, сабиз туурайт. Апам аны «кичинекей ашпозчу» деп эркелетет. Иним баарыбызды чайга чакырат. Анын сүйгөн тамагы манты. Кичинекей колдору менен бизге жардам берет. Биз ага ыракмат айтып, «бактылуу бол!» дейбиз.

1. Султандын иниси кимге жардам берет?
2. Ал эмне кылат?
3. Апасы аны кантип эркелетет?
4. Анын сүйгөн тамагы кайсы?

5. А сенин сүйгөн тамагың кайсы?
6. Сен апаңа кандай жардам бересиң?

**4.** Каталарды тапкыла. Туура жообун жазгыла.

**Үлгү:** Мен пиязды сыйпадым. Жок, мен пиязды аарчыдым.

1. Мен пиязды сыйпадым.
2. Апам тооктун этин туурады.
3. Алёша капустаны кести.
4. Атам тортту аарчыды.
5. Эжем мантыны туурады.
6. Чоң атам бешбармакты түйдү.

## Отуз жетинчи сабак
## КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

**1.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Силердин мектепте ашкана барбы?
2. Ал кандай?
3. Анда эмнелер сатылат?
4. Сага ашканадагы кайсы тамак жагат?

**2.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

1. Максым, сатылат, дүкөндө, биздин.
2. Ичким келди, суусундук, абдан, мен.
3. Эжем, жакшы көрөт, таттуу токоч, менин.
4. Жегиси келди, сабактан кийин, ал, кесме.
5. Жактырат, камыр, тамакты, менин досум, абдан.

**3.** Сүйлөмдөрдү азыктардын аттары менен толуктагыла.

1. Менин апам .................. жакшы жасайт.
2. Атам базардан .................. сатып келди.
3. Койдун этинен ................. жасалат.
4. Иним ........................ жактырат.
5. Эжем түштө .................. бышырды.
6. Биз кечинде ............. жейбиз, .................... ичебиз.
7. Ашканада ............................ бар экен.
8. Кафедеги ............................ мага жакты.

**4.** Которгула.

1. Я умею лепить манты.
2. У папы вкусно получился плов.
3. Братику нравятся боорсоки.
4. Сестра испекла торт.
5. Бабушка готовит суп.

**5.** Текстти окуп, суроо түзгүлө.

**жагымдуу** – приятно
**танаписте** – на перемене

### АШКАНАДА

Биздин мектепте ашкана бар. Ашкананын ичи таза, жарык жана жагымдуу. Чоң танаписте досум экөөбүз ашканага бардык. Мен таттуу токоч менен 1 стакан чай алдым. Досум болсо, 1 табак борщ жана 1 стакан айран алды. Ашканадагы тамактар абдан даамдуу.

**6.** Текстке таянып сүйлөп бергиле.

## Отуз сегизинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.




1. Сүрөттө ким тартылган?
2. Дасторкондо эмнелер бар экен?
3. Бала эмне деди?

**2.** Берилген аш тизмегин окугула. Сага эмне жагат?

**аш тизмеги** – меню

## АШ ТИЗМЕГИ

| Суюк тамактар | Коюу тамактар | Суусундуктар |
|---|---|---|
| 1. Чүчвара | 1. Палоо | 1. Чай |
| 2. Картөшкө шорпо | 2. Манты | 2. Кофе |
| 3. Борщ | 3. Бешбармак | 3. Фанта |
| 4. Кесме | 4. Куурулган картөшкө | 4. Максым |
| 5. Лагман | 5. Куурулган кесме | 5. Жарма |
| 6. Күрүч шорпо | 6. Куурдак | 6. Минералдык суу |
| 7. Тоок шорпо | 7. Куурулган тоок | 7. Ак дан |

**3.** Үлгүнү окуп, сүйлөшкүлө.

### КАФЕДЕ

**Андрей:**
– Саламатсызбы?
**Официант:**
– Саламатчылык. Мына аш тизмеги. Эмне аласыңар?
**Андрей:**
– Лагман алайын дедим эле. Камыры кандай болду экен?
**Официант:**
– Камыры жакшы. Лагманды абдан даамдуу жасайбыз.
**Андрей:**
– Анда 1 лагман жана 1 стакан алманын ширесин бериңиз.
**Официант:**
– Мына, алыңыз. Тамагыңар таттуу болсун!

№ 2 Тесттик тапшырма

**I. Кандай? деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла**

а) келди, барды, жардам берди
б) сулуу, кичипейил, ак көңүл
в) үчүнчү, он бешинчи, жыйырма
г) алдында, артында, жанында

**II. Сүйлөмдү толуктагыла.**


Азык-түлүк дүкөнүндө … сатылат.
а) көйнөк, жагоо, бут кийим
б) сүт азыктары, дан азыктары, таттуулар
в) бешбармак, плов, манты
г) тарак, боёктор, кездеме

**III. Убакытты көрсөткөн сөздөр кайсылар?**

а) эртең менен, кечинде, бүрсүгүнү
б) үйдө, мектепте, сабакта
в) салкын, ысык, кубанычтуу
г) саат 2де, келдим, бардым

## Отуз тогузунчу сабак
## ҮЙ КАНАТТУУЛАРЫ

**1.** Сүрөттөгү үй канаттууларын эстеп, көптүк түрдө айткыла.



**2.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

**жүн** – пух
**кам көрүү** – заботиться
**ачуулуу** – сердитый
**сактайм** – охраняю от…
**пайдасы** – польза

### АЙЫЛДА

**Бекжан:** – Менин чоң атам айылда жашайт. Короосу – абдан чоң. Короосунда ар түрдүү үй канаттуулары бар. Мына тоок жана жөжөлөр. Мен аларга жем, суу берем. Мышыктан сактайм.

Бул – короз. Ал эртең менен бүт айылды ойготот. Сууда өрдөктөр жана каздар сүзүп жүрүшөт. Алар сууну жакшы көрүшөт.

Бул – күрп. Ал – ачуулуу. Мен ага жакын барбайм. Күрптүн да жөжөлөрү бар. Алар бизге эт, жумуртка беришет.

Үй канаттууларына кам көрүү керек.

1. Үй канаттуулары кайсылар?
2. Сууда эмнелер сүзүшөт?
3. Короз эмне кылат?
4. Үй канаттууларынын кандай пайдасы бар?
5. Үй канаттуулары эмне берет?

**3.** Ырларды көркөм окугула.

### КАЗ

Койкойтуп созуп моюнун,
Шамалга тосуп койнун.
Каркылдап канат күүлөп,
Басканы кандай сонун.

**койкойтуп** – гордо держа (шею)
**койнун** – тело
**канат күүлөп** – расправив крылья

### КҮРП

Канатын жерге сүйрөп,
Белгисиз тилде сүйлөп.
Кызарып мойну-башы
Корозу сүрдүү жүрөт.

**сүйрөп** – волоча
**сүрдүү** – грозный

### ӨРДӨК

Суу чачып куушуп ойноп,
Жем издейт өзөн бойлоп.
Кез-кезде кетет өрдөп,
Жоголуп нечен өрдөк.

*Ч. Иманалиев*

**куушуп ойноп** – играя в догонялки
**өзөн бойлоп** – на берегу речки
**кетет өрдөп** – уходит гулять

**4.** Көп чекиттин ордуна **-га** мүчөсүн коюп, сүйлөмдү толуктагыла.

1. Мен күнүгө тооктор… жем берем.
2. Алар адам… _____________, _____________ берет.
3. Алар… _________ жана ___________ бериш керек.
4. ___________ жана ____________ суу… түшүшөт.

## Кыркынчы сабак
# ЖАПАЙЫ КАНАТТУУЛАР

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Аларды көптүк түрдө атагыла.



**2.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

**балапан басышат** – высиживают птенцов
**аска** – скалы
**уя салат** – вьёт гнездо
**сагызган** – сорока
**үпүп** – удод
**курт-кумурска** – насекомое
**сакташ керек** – надо охранять

## ЖАПАЙЫ КАНАТТУУЛАР

Жапайы канаттуулар токойдо, тоодо жашайт. Алар абдан кооз, канаттары ар түстүү. Алар уя салышат, балапан басышат.

Бүркүт аскаларга уя салат. Ал абдан бийик учат. Көзү абдан жакшы көрөт.

Сагызган, үпүп, үкү жана күкүк токойдо жашайт. Алар курт-кумурска жешет.

Тоту куш абдан кооз. Аны сүйлөгөнгө үйрөтсө болот. Аларды үйдө да багышат.

Жапайы канаттууларды коргоо керек!

1. Жапайы канаттуулар кайсылар?
2. Алар кайда жашашат?
3. Алар кандай болушат?
4. Аларга кандай мамиле кылуу керек?

**3.** Ырды окугула.

## БҮРКҮТ

Канаттуунун кыраны,
Тырмак, тумшук куралы.
Көзү көрсө түлкүнү,
Илбей карап турабы?

*Ч. Иманалиев*

**кыраан** – самый лучший
**куралы** – оружие
**илбей карап турабы** – может ли не нападать

**4.** Эмне кайда жашайт? Улантып айткыла.

| | | |
|---|---|---|
| Жапайы канаттуулар | **тоодо**<br>.............................<br>.............................<br>............................. | жашашат. |

**5.** Фильворддон жапайы канаттуулардын аттарын тапкыла.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| у | б | ү | р | к | ү | т | н | о | а |
| ф | э | ц | б | ю | э | ъ | з | б | к |
| а | ъ | ь | ч | й | ю | р | э | ю | к |
| с | а | г | ы | з | г | а | н | ф | у |
| р | х | и | в | ы | з | х | й | у | у |
| т | к | ү | к | ү | к | ц | ч | ф | з |
| щ | з | к | в | ц | о | а | щ | х | й |
| э | ы | ү | ю | ц | ж | ь | й | ы | г |

1. үкү
2. ________________
3. ________________
4. ________________
5. ________________

## Кырк биринчи сабак
## ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстеп, көптүк санын айткыла.



**2.** Текстти окуп. Суроолорго жооп бергиле

**жүк ташыйт** – перевозит груз
**бээнин сүтүнөн** – из кобыльего молока
**тери** – шкура, кожа
**кайтарат** – охраняет

### ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ

Үй жаныбарлары адамдын короосунда жашашат. Биз аларды багабыз. Жем, чөп, суу беребиз. Жылкы жана эшек жүк ташыйт. Бээнин жана эчкинин сүтү ден соолукка пайдалуу. Уй сүт жана эт берет. Кой адамга эт, жүн, тери берет. Ит адамдын үйүн кайтарат.

Үй жаныбарларынын пайдасы чоң.

1. Үй жаныбарлары кайсылар?
2. Алардын кандай пайдасы бар?
3. Жылкы менен эшек эмне кылат?
4. Бээнин сүтүнөн эмне жасалат?
5. Уй, кой, эчки адамга эмне берет?
6. Ит эмне кылат?

**3.** Ашык сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Уй | Ит | Бээ |
| Кой | Күрп | Өрдөк |
| Короз | Мышык | Козу |
| Жылкы | Эшек | Улак |
| Чочко | Эчки | Төө |

**4.** Ырды көркөм окугула. Маанисин түшүнгүлө

## КОЗУ

Бардык козу,
Малдын жоошу.
Оттогондо
Бошойт оозу.

**жоошу** – самый спокойный
**оттогондо** – когда щиплет травку

## МЫШЫК


Оңбогон мышык,
Көзүн кысып,
Ойногону кызык,
Кагаз тытып.
Куйругун кыпчып,
Кабагын чытып.
Итти көргөндө,
Жөнөйт сызып.

*Ч. Иманалиев*

**оңбогон** – здесь: ух, этот негодный
**кабагын чытып** – нахмурившись
**жөнөйт сызып** – убегает не оглядываясь

## Кырк экинчи сабак
## ЗООПАРКТА

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Сөздөргө ***-лар*** мүчөсүн улап, жазгыла.

| | |
|---|---|
| Карышкыр… | Күрөң аюу... |
| Түлкү… | Жолборс… |
| Сүлөөсүн… | Арстан… |
| Ак аюу… | Керик… |

**3.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**шаардын четинде** – на окраине города
**сейрек кездешүүчү** – редкие
**түндүктө** – на севере
**илбирс** – барс
**жырткыч** – хищник
**керик** – носорог
**сүлөөсүн** – рысь

### ЗООПАРКТА

Биз зоопаркка келдик. Ал шаардын четинде жайгашкан. Мында ар түрдүү жапайы жаныбарлар бар экен.

Бул – күрөң аюу. Ал токойдо жашайт. Бул – ак аюу. Ал түндүктө жашайт.

Мына арстан, жолборс жана илбирс. Алар – жырткычтар. Бегемот, кериктер да бар экен. Алар Африкада жашашат. Мына зебра жана жираф. Маймылдардын жанында көпкө турдук.

Жапайы жаныбарларды сакташ керек.

1. Зоопаркта эмнелер бар?
2. Алар кайсы жаныбарлар?
3. Күрөң аюу кайда жашайт?
4. Ак аюу кайда жашайт?
5. Кайсы жаныбарлар жырткычтар?
6. Сен зоопаркта болдуң беле?

**4.** Табышмактарды окуп, жообун тапкыла.

Токойдо жашайт,
Тойпоңдоп басат.
Кишини көргөндө
Токтобой качат.

*(уюа)*

Кылактап кырга чыгат,
Акырын добушту угат.
Куу, мытаам, өтө амалдуу,
Бардыгын байкап турат.

*(үк-лүт)*

*Ч. Иманалиев*

**тойпоңдоп** – ходит вразвалочку
**токтобой качат** – убегает без оглядки
**кылактап** – виляя хвостом
**добушту** – шорох
**куу, мытаам** – хитрая
**өтө амалдуу** – изворотливая

**5.** Фильворддогу жапайы жаныбарлардын аттарын тапкыла.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| т | я | ж | б | е | г | е | м | о | т | ш | щ |
| а | р | с | т | а | н | э | м | х | а | н | г |
| ф | т | ү | л | к | ү | к | а | ю | у | ч | ф |
| с | ы | л | э | е | ж | ю | й | э | л | я | м |
| ч | ь | ө | ю | р | м | ч | й | ю | р | р | ж |
| к | к | ө | н | и | г | я | м | с | ь | ю | б |
| ы | в | с | б | к | а | р | ы | ш | к | ы | р |
| ч | т | ү | т | ы | я | м | л | ы | в | а | ж |
| й | щ | н | ж | з | е | б | р | а | й | н | й |

1. түлкү
2. ____________
3. ____________
4. ____________
5. ____________
6. ____________
7. ____________

## Кырк үчүнчү сабак
# ЖАНЫБАРЛАРДЫН БАЛДАРЫ

**1.** Сөз айкаштарын окугула.

| | |
|---|---|
| КИЧИНЕКЕЙ | кодолек<br>бото<br>бачики<br>бөлтүрүк<br>мый |

**2.** Схема боюнча окугула.

**кодолек** – ослик
**бото** – верблюжонок
**бачики** – лисёнок
**бөлтүрүк** – волчонок
**мый** – котёнок

### ЖАНЫБАРДЫН БАЛДАРЫ

Ар бир жаныбардын баласы бар. Алар ар башкача айтылат.

| | | |
|---|---|---|
| Уйдун<br>Бээнин<br>Эчкинин<br>Эшектин<br>Төөнүн | баласы | музоо<br>кулун<br>улак<br>кодолек<br>бото |
| **Алар сүт эмет.** | | |
| Аюунун<br>Түлкүнүн<br>Коёндун<br>Карышкырдын | баласы | мамалак<br>бачики<br>бөжөк<br>бөлтүрүк |
| **Алар токойдо жашайт.** | | |
| Иттин<br>Мышыктын | баласы | күчүк<br>мый |
| **Мый сүт ичкенди жакшы көрөт.** | | |

**3.** Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.




1. Булар эмнелер?
2. Алар эмне кылып жатышат?
3. Кайсы жаныбар биринчи келе жатат?
4. Кайсы жаныбар артта калды?

**4.** Ырды көркөм окугула.

**КҮЧҮК**

Кулагын түрөт,  
Чыңкылдап үрөт.  
Артыңдан калбай,  
Ээрчип жүрөт.

*Ч. Иманалиев*

**кулагын түрөт** – прислушивается  
**чыңкылдап үрөт** – тявкает звонко  
**ээрчип жүрөт** – ходит по пятам

**5.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**жароокер** – ласковый

**Үлгү:**  
**Нурдин:** – Сенин жакшы көргөн жаныбарың барбы?  
**Наташа:** – Менин жакшы көргөн жаныбарым – мышыгым.  
**Нурдин:** – Ал сага эмнеси менен жагат?

**Наташа:** – Менин мышыгым Мурка. Ал абдан акылдуу жана жароокер.

**Нурдин:** – Сен аны кантип багасың?

**Наташа:** – Мен ага сүт берем. Мурка экөөбүз үйдө ойнойбуз.

## Кырк төртүнчү сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Үй канаттуулары жана жапайы канаттуулар кайсылар? Алар жөнүндө айтып бергиле.

**2.** Көп чекиттин ордуна **-ды** мүчөсүн толуктап жазгыла.

1. Короз кыйкырып элди ойгот…
2. Жөжөлөр короодо ойнош…
3. Эжем аларга жем, суу бер…
4. Улак секирип ойно…
5. Жылкы жүк ташы…
6. Ак куу сууда сүз…
7. Бүркүт асманга уч…
8. Булбул сайра…

**3.** Сөздөрдү **-сы, -си, -су,-сү (-ы, -и, -у, -ү)** мүчөлөрү менен толуктагыла.

Кулун…, музоо…, козу…, жөжө…, бачики…, балапан…, такай…, жылкы…, төө…, бүркүт…, мышык(г)…, күчүк(г)…

**4.** Ашык сөздөрдү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ат | Аюу | Мый |
| Ит | Кодолек | Мамалак |
| Мышык | Чочко | Бөжөк |
| Коён | Эчки | Күчүк |
| Илбирс | Кой | Төө |

**5.** Кимге эмне жагат?

| Эмнелер? | Мага | Атама | Байкеме | Досума |
|---|---|---|---|---|
| Үй жаныбар-лары | жылкы | | | |
| Үй канаттуу-лары | | | | короз |
| Жапайы ка-наттуулар | | бүркүт | | |
| Жапайы жа-ныбарлар | | | ак аюу | |

**6.** Эмне туура? Эмне туура эмес? Туура сүйлөмдөрдү жазгыла.

1. Мый иттин баласы.
2. Жылкы үй жаныбары. Ал жүк ташыйт.
3. Төө – бул күчтүү жаныбар.
4. Ак аюу ысыкты жакшы көрөт.
5. Кодолек «ав-ав» дейт.
6. Бүркүттүн көзү абдан жакшы көрөт.
7. Илбирс биздин тоолордо жашайт.
8. Зебранын өңү кызыл.

**7.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**

– А бул эмне?
– Бул жолборс.
– Жолборс кандай жаныбар?
– Жолборс жырткыч. Ал абдан күчтүү, сүрдүү жаныбар.
– Ал кайда жашайт?
– Ал токойдо жашайт.

## Кырк бешинчи сабак
# КЫШ МЕЗГИЛИ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.



1. Бул кайсы мезгил?
2. Кышында күн кандай болот?
3. Эмне жаайт?
4. Жердин бети кандай болот?

**2.** Сөз айкаштарын окугула.

| **Кышында** | **Балдар** |
| --- | --- |
| суук боло баштайт.<br>кар жаайт.<br>айлана тазарат. | чана тебишет.<br>кар киши жасашат.<br>лыжа тебишет. |

**3.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**биринчи белгиси** – первый признак
**айлана-чөйрө** – окружающая среда

## КЫШ МЕЗГИЛИ

Жыл төрт мезгилден турат. Алар: жаз, жай, күз, кыш. Жылдын ар мезгили өзүнчө кооз. Кыш мезгили күздөн кийин келет. Кыштын биринчи белгиси: күн суук боло баштайт, кар жаайт. Айлана-чөйрө тазарып, ак жамынат. Балдар сүйүнүшүп, лыжа, чана, конькилерин алышып, дөбөгө жөнөшөт.

Кышында Жаңы Жылды тособуз.

1. Жыл канча мезгилден турат?
2. Кыштын белгилери кайсылар?
3. Айлана-чөйрө кандай?
4. Балдар эмне кылышат.
5. Тоолор эмнеге окшошот?
6. Сага кыш жагабы?

**4.** Сүйлөмдү толуктагыла.

Кышында балдар ............................ (эмне кылышат?).
............................
............................
............................
............................

**Үлгү:**
Кышында балдар чана тебишет.

**5.** Которгула.

1. Наступила зима.
2. Первый признак зимы – идёт снег.
3. Вокруг красиво.
4. Дети рады зиме.
5. Они катаются на санках.

**6.** Ырды көркөм окугула. Жаттагыла.

### КЫШ

Ак кардан ичик жамынып,
Көк муздан шуру тагынып.
Адашпай келет жыл сайын,
Калганда кышты сагынып.

*«Байчечекей» журналынан*

**ичик жамынып** – одет в шубу
**шуру тагынып** – надевает бусы
**адашпай** – не заблудившись
**сагынып** – когда соскучились

**7.** «Кыш» деген темада сүрөт тарткыла. Ал боюнча сүйлөп бергиле.

## Кырк алтынчы сабак
## КЫШТЫН БИР КҮНҮ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.



1. Бул кайсы мезгил?
2. Жердин бети кандай?
3. Булар кимдер?
4. Бала эмне кылып жатат?
5. Ал жакшы иш жасадыбы?

**2.** Текстти окуп, өз оюңарды айтып бергиле.

**тайгак** – скользко

## КЫШ

Азыр кыш мезгили. Жердин бети тайгак. Чоң эне жолдон өтө албай жаткан. Бала келип ага жардам берип, жолдон өткөрдү. Бала жакшы иш жасады.

**БИЛИП АЛ!**

**Жолдон абайлап өтүү керек!**

**3.** Ырды көркөм окугула.

## КӨЧӨДӨ

Жолдон өтсөң топтолуп,
Дайым керек токтоолук.
Кызыл жарык күйдү эле,
«Стоп!» Мына токтодук.

*И. Исаков*

**топтолуп** – с группой
**токтоолук** – спокойствие

**4.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1. Кыш ...................... .
2. Күн .......................... .
3. Жердин бети .......................... .
4. .............................. жаап жатат.
5. Чоң эне ..........................  жөнөдү.
6. Ага .......................... жардам берди.
7. Бала .................... иш жасады.

**Керектүү сөздөр:** *жакшы, суук, келди, тайгак, дүкөнгө, кар, бала.*

## Кырк жетинчи сабак
## ЖАҢЫ ЖЫЛ. АСАНДЫН ТҮШҮ

**1.** Сүреттөгү тааныш сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.



1. Сүрөттө эмнелер тартылган?
2. Түлкү эмне тээп келе жатат?
3. Коёндун бөжөктөрү эмнеде отурушат?
4. Аюнун жанындагы эмне? Анын колунда эмне бар экен?

**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**түш** – здесь: сон
**күлкүлүү** – смешная
**окуя** – история
**тойбойсуң** – не насытишься
**тоёсуң** – будешь сытым
**күтүп тур** – подожди

### АСАНДЫН ТҮШҮ

Токойдун ичи. Жаныбарлар чогулуп жатат. Түлкү лыжа тээп келатат, анын артында чанага бөжөктөрүн отургузган коён. Ары жакта аюу мамалагы менен келип калды. Баары чогулушту. Ортого Аяз Ата болуп кийинген арстан чыгып:

– Эски жыл жаман болгон жок. Ачка калган жокпуз. Эми Жаңы жылды тосуп алалы. Ким күлкүлүү окуя айтып берет? Кимдики жакшы болсо белек берилет, – деди.

Анда коён:

– Бир күнү мындай окуя болду. Алдымдан карышкыр чыкты. «Менин курсагым ачты. Мен сени жеймин!» – деди. Мен: «Карышкыр байке, жалгыз мени жесең тойбойсуң. Күтүп тур! Досторумду ээрчитип келейин. Ошондо абдан тоёсуң!» – деп алдап кеттим.

1. Жаныбарлар эмнеге чогулушту?
2. Арстан эмне деди?
3. Коёндун алдынан эмне чыгыптыр?
4. Карышкыр эмне дептир?
5. Коён карышкырды кантип алдаптыр?

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Токойго чогул …
2. Балатыны тегеректеп ыр ырда…, бийле…
3. Кызыктуу окуяларды айт…, күл…, жырга…
4. Белектерди ал…
5. Кечинде үйлөрүнө кайт…

**4.** Диалогду толуктап окугула.



– Бул ким?
– Бул ............... . Анын мурду кызыл, кашы ак.
– Аяз Ата кандай белек берди?
– Ал оюнчук берди.
– Бул эмне?
– Бул ............... . Ал .............. .

# Кырк сегизинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Суроолорго жооп бергиле

1. Саат канчада турасың?
2. Эртең мененки тамагыңды канчада ичесиң?
3. Мектепке саат канчада жөнөйсүң?
4. Мектептен саат канчада келесиң?
5. Түшкү тамагыңды канчада ичесиң?
6. Саат канчадан канчага чейин эс аласың?
7. Кечки тамагыңды канчада ичесиң?
8. Канчада уктайсың?
9. Сабакка качан даярданасың?

**2.** Көп чекиттин ордуна **-нын** мүчөсүн коюп жазгыла.

1. Тапшырма… көлөмү анча чоң эмес.
2. Кымыз… даамы кычкыл.
3. Кыргызстан… жаратылышы абдан кооз.
4. Тимур… мүнөзү жакшы.
5. Балмуздак… даамы таттуу.
6. Жомок… башкы каармандары абышка менен кемпир.


**3.** Туура жообун айткыла.

1. Уй тоодо жашайт.
2. Түлкү үйдө жашайт.
3. Жолборс жем жейт.
4. Төөк эт жейт.
5. Карышкыр шаарда жашайт.
6. Жылкы токойдо жашайт.

**4.** Эмне эмненин баласы?

| | | |
|---|---|---|
| Аюунун | | кулун |
| **Карышкырдын** → | | бөжөк |
| Койдун | | бото |
| Түлкүнүн | **баласы** → | музоо |
| Уйдун | | бачики |
| Төөнүн | | козу |
| Коёндун | | **бөлтүрүк** |
| Бээнин | | мамалак |

**5.** Сүрөттөрдү карап, сөздөрдү эстегиле. Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.




**Үлгү:**
– Бул эмне?
– Бул коён.
– Ал кандай?
– Ал ак жана коркок. Коён үйдө жана токойдо жашайт.

**6.** Бат айтманы окугула.

Асмандан кар түштү,
Кар ак түштү.
Кар бат түштү.

Кар шамалга учту,
Кар карганы үшүттү,
Балдар карды күттү.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| КИМДИН? | ЭМНЕНИН? |
|---|---|
| - апамдын - досумдун<br>- эжемдин - бөбөгүмдүн | - мектептин - шаардын<br>- үйүмдүн - тоонун |

**7.** «Кыш» деген кроссворду тапкыла.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | | | | |
| 2. | | | | | | | | | |
| 3. | | | | | | | | | |
| 4. | | | | | | | | | |
| 5. | | | | | | | | | |
| 6. | | | | | | | | | |
| 7. | | | | | | | | | |
| 8. | | | | | | | | | |
| 9. | | | | | | | | | |
| 10. | | | | | | | | | |

1. лёд
2. зима
3. снег
4. холод
5. санки
6. ворона
7. ёлочка
8. гололёд
9. каток
10. подарки

№ 3 Тесттик тапшырма

**I. Сөздөргө *-га* мүчөсүн улагыла.**
Балапан, күрп, тоту куш
а) -га, -кө, -ка
б) -ке, -ге, -ко
в) -ка, -га, -гө
г) -го, -ко, -кө

**II. Жапайы жаныбарлар кайсылар?**
а) жөжө, короз, өрдөк
б) каз, күрп, тоту куш
в) бүркүт, үпүп, сагызган
г) курт, уя, түлкү

**III. Жаныбарлардын балдарын көрсөткүлө.**
Төөнүн баласы – … түлкүнүн баласы – …
а) мамалак, бөжөк
б) бото, бачики
в) улак, кулун
г) мый, кодолек

# III ЧЕЙРЕК

## Кырк тогузунчу сабак
## АР БИР КЕСИП АРДАКТУУ

**1.** Текстти окугула. Өз оюңарды айтып бергиле.

**эмне иш кыласыз?** – чем занимаетесь?
**жолдон өткөрдү** – перевёл через дорогу
**сооротуп** – успокоил
**келгенче** – пока пришла
**жол эрежеси** – правила дорожного движения
**тартип бузуулар** – правонарушения
**кеңеш** – совет

### МЕНИН БАЙКЕМДИН ЖУМУШУ

**Азамат:**

– Байке, эмне иш кыласыз? – деп сурадым. – Менин ишим – элге жардам берүү, – деди ал.

Байкем – милиционер. Аны баары тааныйт жана жакшы көрүшөт. Бир күнү байкем менен жумушуна бардым. Жолдон чоң эне өтүп бараткан. Колунан баштыгын алып, жолдон өткөрдүм. Парктын жанынан өтүп баратсак, кичинекей кыз ыйлап жатыптыр. Байкем кызды сооротуп, апасы келгиче күтүп турдук.

– Бу дагы сенин жумушуңбу? – деп сурадым.

– Ооба, бу да менин жумушум, – деди байкем.

Баратып, жол эрежесин бузган балдарга кездештик. Балдарды токтотуп, аларга жол эрежесин түшүндүрдү.

Бир күнү биздин мектепке да келди. Балдар менен жолугушту. «Тартип бузуулар жокпу?» – деп кайрылды. Балдар ага көп суроолорду беришти. Байкем жол эрежелери менен тааныштырды. Көптөгөн кеңештерди берди.

**Ал кеңештер мындай эле:**

1. Көчөдөн чоочун кишилер менен сүйлөшпөгүлө!
2. Сабактан кийин үйгө түз баргыла!

3. Жолдон уюлдук телефонуңарды өчүрүп койгула, сүйлөшпөгүлө!
4. Жол эрежесин сактагыла!

Кеңештерди эстеп калгыла.

**2.** Сүрөттү карап, суроо койгула.



**3.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

1. Иштейт, милиционер, болуп, байкем.
2. Сооротту, байкем, кызды, кичинекей.
3. Аны, тааныйт, баары, элдин.
4. Айтып берди, эрежелер, жол, балдарга, жөнүндө.
5. Берди, бизге, жакшы, кеңештерди.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| |
|---|
| **ЖАЙ СҮЙЛӨМ**<br>– Менин атам чач тарач болуп иштейт.<br>– Биз кызыктуу китеп окудук. |
| **СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ**<br>– Сенин атаң кайда иштейт?<br>– Кичинекей кыз ыйладыбы? |
| **ИЛЕПТҮҮ СҮЙЛӨМ**<br>– Көчөдөн чоочун киши менен сүйлөшпө!<br>– Жолдо жүрүү эрежелерин сактагыла! |

## Элүүнчү сабак
# АПАМДЫН КЕСИБИ

**1.** Сөз айкаштарын окуп, эстеп калгыла.

Тигүүчү
Милиционер
Мугалим
Дүкөнчү
→ болуп иштейт

Ал → кийим тигет
нан сатат
балдарды окутат
тартипти сактайт

**2.** Текстти окугула. Эмне кылат? деген суроого жооп берген, сөздөрдү көрсөткүлө.

**тигүүчү** – портниха
**бычат** – кроит
**топчу кадайт** – пришивает пуговицы
**үтүктөйт** – гладит
**жөнөтүлөт** – отправляется
**ошентип** – и так
**кантип чыгаарын** – как появляется
**баалуу экендигин** – о ценности

## АПАМДЫН КЕСИБИ



**Айжан:**

– Көптөн бери апамдын иштеген жерин көргүм келчү. Кышкы каникулга тараганда апам мени жумушуна ээрчитип барды. Апам – тигүүчү. Цехте он киши иштейт экен. Алар шым тигишет. Ар кимдин аткарган иши ар

башка. Биринчиси бычат экен. Экинчиси тигет. Үчүнчүсү топчусун кадайт. Төртүнчүсү үтүктөйт. Бешинчиси илгичке илет. Алтынчысы баштыктарга салат. Жетинчиси чоң кутуга салат. Ошентип, шым дүкөнгө жөнөтүлөт. Менин кийип жүргөн шымым кантип чыгарын билдим. Апамдын эмгегинин баалуу экендигин түшүндүм.

1. Айжандын апасы ким болуп иштейт?
2. Ал эмне тигет?
3. Цехте канча киши иштейт?
4. Алар кандай жумуштарды аткарышат?
5. Шым кантип дүкөнгө жетет?
6. Сен апаңдын жумушу жөнүндө эмнелерди билдиң? Айтып бер.

**3.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүп, жазгыла.

Болуп иштейт, аткарган иши, эмгеги, керектүү, пайдалуу, мага, жагат.

**4.** Макалдарды окуп, маанисин түшүнгүлө.

Ар бир кесип ардактуу. **ардактуу** – почётный

Ак эмгектин наны таттуу,
Жалкоонун жаны таттуу. **жаны** – душа

**5.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| | |
|---|---|
| Чач тарач чач | окуйт. |
| **Мугалим балдарды** | айдайт. |
| Тигүүчү кийим | дарылайт. |
| Дүкөнчү нан | сатат. |
| Дарыгер баланы | тигет. |
| Айдоочу машине | **окутат.** |
| Окуучу сабак | кыркат. |

## Элүү биринчи сабак

# АТА МЕКЕНИМ – КЫРГЫЗСТАН

**1.** Окуп, эстеп калгыла.

Ата Мекеним →
- Кыргызстан
- кооз, көрктүү
- тоолуу
- токойлуу
- кереметтүү
- ар улуттуу

**2.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.




1. Сүрөттө эмне тартылган?
2. Кыргызстанда канча облус бар?
3. Кыргызстандын борбору кайсы шаар?
4. Сен кайсы облуста жашайсың?

**3.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**эгемендүү** – суверенный
**көп улут** – разные национальности
**байлыгы** – богатство
**анча** – не очень
**жагымдуу** – приятный

## АТА МЕКЕНИМ – КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстан – эгемендүү өлкө. Борбору Бишкек шаары. Кыргызстанда көп улуттун элдери жашайт. Кыргыз жеринин жаратылышы абдан кооз. Ак кар баскан Ала-Тообуз, кереметтүү Ысык-Көлүбүз, жаңгак токойлорубуз – элибиздин байлыгы. Жайы салкын, кышы анча суук эмес, жазы жагымдуу, күзү берекелүү. Биз өз жерибиз, элибиз менен сыймыктанабыз.

1. Кыргызстан кандай өлкө?
2. Борбору кандай шаар?
3. Кыргызстанда кайсы улуттун элдери жашайт?
4. Жаратылышы кандай?

**4.** Көп чекиттин ордуна созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү жазгыла.

Менин өлкөм абдан ...................... .
Кыргызстандагы ....................... абдан таза.
Жазы ............., күзү ..............., кышы .................. эмес.
Биздин .................. абдан бийик жана ................ .
Борбор .................... . Бишкек абдан ..................

**Керектүү сөздөр:** *шаарыбыз, кооз, жагымдуу, суулары, тоолору, берекелүү, көрктүү, суук.*

**5.** Ырды көркөм окуп, өз оюңарды айтып бергиле.

### ЫРДАЙЛЫ ДОСТОР, ЫРДАЙЛЫ

Буралып гүлү жайнаган,
Булбулу бакта сайраган.
Ала-Тоо кыргыз жергеси,
Артык го сайган саймадан.

Жерибиз көрккө ыңгайлуу,
Элибиз билбейт муң-кайгы.
Ынтымак, достук бизде бар,
Ырдайлы достор, ырдайлы!

*Ж. Садыков*

**буралып гүлү жайнаган** – цветущий
**артык го** – лучше чем
**көркkө ыңгайлуу** – прекрасная
**муң-кайгы** – печаль

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| 3-жактын таандык мүчөсү | 3-жактын таандык мүчөсү |
|---|---|
| **-ы, -и, -у, -ү**<br>Бишкек шаары абдан кооз. Кыргызстандын тоолору бийик. | **-сы, -си, -су, -сү**<br>Тоонун абасы таза, ден соолукка пайдалуу. Тоонун суусу тунук. |

## Элүү экинчи сабак
## БИШКЕК ШААРЫ

**1.** Окугула.

Бишкек
- борбор шаар
- кооз
- жашыл
- көрктүү
- сүйүктүү шаар
- маданий, илимий борбор

**2.** Сүрөттү карап, сөздөрдү эстегиле. Сүйлөм түзгүлө жана сүйлөшкүлө.



**3.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле

**илгери-илгери** – давным-давно
**эр жүрөк** – храбрый
**урматтап** – уважали
**душмандардан** – от врагов
**коргогон** – защищал

## БИШКЕК ДЕГЕН КИМ БОЛГОН?

Илгери-илгери Бишкек деген баатыр жашаптыр. Ал күчтүү, эр жүрөк, балбан баатыр болуптур. Эл аны урматтап, сыйлашкан экен. Ал душмандардан өз элин, жерин коргогон. Ушул кишинин атынан биздин шаарыбыз Бишкек деп аталып калыптыр.

1. Илгери ким деген баатыр жашаптыр?
2. Ал кандай киши экен?
3. Өз элин, жерин кимдерден коргогон?
4. Кайсы жылы Бишкек деп аталган?

**4.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**Нурдин:** – Сен Бишкекте болдуң беле?
**Наташа:** – Ооба, болгом. Бишкек кооз, таза жана жашыл шаар.
**Нурдин:** – Көп кабаттуу үйлөр барбы?
**Наташа:** – Ооба, көп кабаттуу үйлөр көп жана дагы салынып жатат.
**Нурдин:** – Ала-Тоо аянты кайсы көчөдө жайгашкан?
**Наташа:** – Ал Чүй проспектисинде жайгашкан.

**Сүйлөшүүнү уланткыла.**

**5.** Сөздөргө **-лар** мүчөсүн улап жазгыла. Сүйлөм түзгүлө.

1. Шаар…
2. Дүкөн…
3. Мектеп…
4. Музей…
5. Дарыкана…
6. Оорукана…
7. Имарат
8. Почта…
9. Көчө…

**6.** Ырды көркөм окуп, ырдайбыз.

### БИШКЕГИМ

Ала-Тоого кыргыз конгондо,
Айланып сен жылдыз борборго.
Ак жолтойлуу үйгө айландың,
Арга барбы сүйбөй койгонго?!

**унутпа** – не забывай
**ээ болуп** – став (кем-либо)

Бишкегим, Бишкегим борборум сен,
Бүтүндөй жүрөккө орнодуң сен.
Бактылуу сеземин түшкө кирсең,
Бар болгун, бар болгун, Бишкегим сен.

К. Урманбетов

## Элүү үчүнчү сабак

## КАЙТАЛОО

**1.** Ким? Эмне? деген суроого жооп берген сөздөрдү бөлүп жазгыла.

Окутуучу, тартип, милиционер, жардамчы, китеп, белек, күн, сабак, эне, шаар, кесип, дарыгер, ыр, бийчи, китепкана, келбети, мүнөзү, дүкөнчү, сен, тил, кагаз, тигүүчү, жүрөк, коён, түлкү, ата, бөбөк, жөжө, канаттуу, жырткыч, эже.

| Ким? | Эмне? |
|---|---|
| Окуучу | Мектеп |
| .................. | .................. |
| .................. | .................. |
| .................. | .................. |
| .................. | .................. |
| .................. | .................. |

**2.** Сүйлөмдөгү каталарды тапкыла.

1. Менин атаң дарыгер болуп иштейт.
2. Асел китепканада барды.
3. Бишкек шаарынын театрлар бар.

4. Көчөлөрдө троллейбустар, автобустар жүрөт.
5. Менин үйүм Манас көчөсүндө.

**3.** Сүйлөмдөргө суроо койгула.

1. Биз – Кыргызстандын борборунда жашайбыз.
2. Кыргызстан – эгемендүү өлкө.
3. Досумдун атасы – милиционер.
4. Кечээ мен апамдын жумушуна бардым.
5. Мен ырчы болгум келет.

**4.** Бул иштерди ким аткарат? Тапкыла.

– Тишиңди текшерет жана дарылайт. Бул ...
– Чачыңды кыркат жана жасалгалайт. Бул...
– Бут кийимди оңдойт. Бул...
– Билим берет жана тарбиялайт. Бул...
– Кооз жана кызыктуу сүрөттөрдү тартат. Бул...
– Музыканы сүйөт. Бул...
– Комузда сонун ойнойт. Бул...
– Уйкуну жакшы көрөт. Бул ...

**5.** Сөздөрдү дептериңерге жазгыла. Андагы ичке үндүүлөрдүн астын сызгыла.

Жол эрежеси, тартип сактоо, жаныбарлар дүйнөсү, кесиптер ээси, кичинекей кыз, жардам берүү, окутуучу эжейим, жергебиз, күз мезгили, берекелүү эл, жашылча-жемиштер, майрам күнү, жекшембиде, сейил бак, эс алабыз, жакында, топчу кадаймын, бир аз билем, эртең мененки тамак.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| ЖООН ҮНДҮҮЛӨР | ИЧКЕ ҮНДҮҮЛӨР |
|---|---|
| Аа, Оо, Уу, Ыы | Өө, Үү, Ээ, Ии |

Тематикалык тапшырма

«Ар бир кесип ардактуу», «Менин Ата Мекеним» тексттерин айтып бергиле.

## Элүү төртүнчү сабак

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КООЗ ЖЕРЛЕРИ

**1.** Окуп, эстеп калгыла.

| | |
|---|---|
| Кыргызстандын кооз жерлери | Ысык-Көл<br>Сары-Челек<br>Манастын күмбөзү<br>Сулайман тоосу<br>Таш-Рабат<br>Соң-Көл<br>Жети-Өгүз |

**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле

**дал ортосунда** – на самой середине
**тунук** – прозрачный
**чындыгында** – действительно
**мамлекеттик корук** – государственный заповедник

### САРЫ-ЧЕЛЕК

Сары-Челек Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан. Тегерегин токой жана тоо курчап турат. Бак-дарактардын көп түрлөрү бар. Суусу абдан тунук жана муздак. Сары-Челек мамлекеттик корук.

Сары-Челекке туристтер көп келишет. Жаратылыштын коздугуна суктанышат.



1. Сары-Челек кайда жайгашкан?
2. Анын суусу кандай?
3. Анда эмнелер өсөт?
4. Сары-Челек кандай жер?

**3.** Сөз айкаштарын которуп жазгыла.

1. красивая природа
2. прозрачная вода
3. расположен в центре
4. разные деревья
5. разные животные
6. государственный заповедник

**4.** Ырды көркөм окугула.

### САРЫ-ЧЕЛЕК

Атыңдан кагылайын, Сары-Челек,
Батынбайм баа беришке сага ченеп.
Байыркы бабалардан калган белек,
Бар бекен берекелүү сенден бөлөк.

**атыңдан кагылайын** – дорого твоё имя
**батынбайм** – не осмелюсь
**байыркы бабалар** – древние предки

## Элүү бешинчи сабак
## ЖАРАТЫЛЫШКА САЯКАТ

**1.** Текстти окугула. Эмне кылдык? деген суроого жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.

**жолдо баратып** – по дороге
**жете берерде** – когда уже дошли
**карагай** – ель
**кара жыгач** – вяз

### ЖАРАТЫЛЫШКА САЯКАТ

Бир күнү кошуна балдар менен токойго бардык. Жолдо баратып көп нерселерди көрдүк. Токойго жете берерде

шамал болду. Жамгыр да жаады. Бирок тез эле басылды Таза аба менен дем алдык. Токойдо карагай, кайың, кара жыгач жана башка дарактар көп экен. Булбулдун сайраганын уктук. Коён, тыйын чычканды көрдүк. Жашыл чөптүн үстүндө тамактандык. Кечинде үйгө кайттык.

1. Балдар кайда барышты?
2. Жолдон эмнелерди көрүштү?
3. Аба-ырайы кандай болду?
4. Балдар кандай эс алышты?
5. Силер жаратылышка саякатка чыктыңар беле?

**2.** Туура жообун тапкыла.

| | |
|---|---|
| **Кайдан? деген суроого жооп берген сөздү белгилегиле:**<br>а) мектепке<br>б) токойдон<br>в) үй<br>г) театрда | **Кандай? деген суроого кайсы сөз жооп берет?**<br>а) шаар<br>б) сүт<br>в) келди<br>г) акылдуу |
| **Кайда? деген суроого кайсы сөз жооп берет?**<br>а) дүкөндөн<br>б) театрдан<br>в) көчөгө<br>г) таза | **Канча? деген суроого кайсы сөз жооп берет?**<br>а) отурат<br>б) кенен<br>в) он эки<br>г) жумушчу |

**3.** Жаңылмачты окугула. **К, Ө, Ү** тыбыштарына көңүл бургула.

Көп көпөлөк көк гүлгө конду,
Көп көпөлөк көп гүлгө конду.
Көп көпөлөк көбөйүп учту,
Көп көпөлөк көкөлөп учту.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**-ди, -ди, -ду, -дү**

Токойдон коён**ду** көрдүк.

# Элүү алтынчы сабак

# КЫМЫЗ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстеп, суроолорго жооп бергиле.



1. Бул кайсы жер?
2. Алыстан эмнелер көрүнөт?
3. Сүрөттө кимдер тартылган?
4. Алар эмне кылып жатышат?

**2.** Сөз айкаштарын окугула. Эстеп калгыла.

Бээ → саалат
Уй → саалат
Эчки → саалат

Кымыз → сабада
Кымыз → кеседе
Кымыз → чаначта
Кымыз → көөкөрдө
Кымыз → бөтөлкөдө

**3.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.





**4.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**түрлүү** – разные

## КЫМЫЗ

Кымыз – жагымдуу суусундук. Анын курамында түрлүү витаминдер көп. Ал бээнин сүтүнөн жасалат. Кымыз ден соолукка абдан пайдалуу. Кымыз ичкиле, көп жашагыла!

1. Кымыз кандай суусундук?
2. Анын курамында эмнелер бар?
3. Ал эмненин сүтүнөн жасалат?
4. Кымыздын кандай пайдасы бар?
5. Кымыз жөнүндө дагы эмне билесиңер?

**5.** Туура жообун тапкыла.

| **Кымыз бул ... ?** | **Кымыздын даамы кандай?** |
|---|---|
| а) мөмө<br>б) суусундук<br>в) жашылча | а) таттуу<br>б) кычкыл<br>в) жагымдуу |

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**-дан мүчөсү**

**Кимден? Эмнеден? Кайдан?**

-дан, -ден,
-дон, -дөн,
-тан, -тен,
-тон, -төн

Китепти китепкана**дан** алдым.
Шырдак кийиз**ден** жасалат.
– Кымыз сүт**төн** жасалат, – деди атам.
Боз үйдүн керегеси жыгач**тан**.
Байкем Бишкек**тен** келди.
Атам жумуш**тан** кеч келет.

**БИЛИП АЛ!**

**Кымыз ден соолукка пайдалуу**

## Элүү жетинчи сабак

# ДАРАКТАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

**1.** Сөз айкаштарын окугула. Эстеп калгыла.

Дарактар: → терек, карагай, арча, кайың, тал

Дарактар → бийик, көк тирейт, кооз, көк жашыл, кебездей, кулпунат

**2.** Маанисин түшүнгүлө. Текстти окугула.

**терек** – тополь
**тандабай өсөт** – не выбирает место
**жумшалат** – используется
**көкөлөйт** – возвышается
**көк тиреп** – достигает до неба
**көк жашыл** – тёмно-зелёный
**кебездей** – как вата
**илеби тийсе** – коснётся
**кулпунат** – радует глаза



### ТЕРЕК

Терек жер тандабай өсөт. Ал – абдан пайдалуу. Абаны тазалайт. Анын жыгачы жумшак, жеңил. Үй курууга керектелет.

## АРЧА

Арча жыттуу жана пайдалуу дарак. Ал дайыма көк жашыл болуп турат. Абаны тазартат. Арчанын жыгачынан комуз, бешик жасалат.





## КАРАГАЙ

Көкөлөйт бийик карагай,
Көк тиреп жерди карабай.
Балаты өсөт жанаша,
Ата-эне сүйгөн баладай.



## КАЙЫҢ

Кебездей болгон ак кайың,
Кезигет жолдон ар дайым.
Илеби тийсе шамалдын,
Кулпунат көзгө ансайын.



**3.** Сөз айкаштарын которгула.

1. белая берёза
2. зелёная трава
3. чистый воздух
4. зелёная арча
5. приятный запах
6. красивые цветы
7. горный воздух
8. высокий тополь

**4.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө жана дарактардын сүрөтүн тарткыла.

Терек, карагай, арча, кайың.

**БИЛИП АЛ!**

**Талды сындырба! Гүлдү тепсебе! Бак отургуз!**

# Элүү сегизинчи сабак

## ДЕН СООЛУК

**1.** Ролдошуп окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**кызарып калыптыр** – покраснело
**чайкайсың** – будешь полоскать
**салбай калды** – не стала брать

**Света:** – Апа, тамагым ооруп жатат.

**Апасы:** – Оозуңду ачып көрсөтчү. Тамагың кызарып калыптыр. Муздак эмне жедиң эле?

**Света:** – Оозума муз салгам.

**Апасы:** – Баары түшүнүктүү. Бул ангина. Дарыгер келгенче ромашка менен тамагыңды чайкайсың. Анан бал кошуп чай ичесиң.

Бир жума өттү. Света айыкты. Мындан кийин ал оозуна муз салбай калды.

1. Светанын эмнеси ооруп калды?
2. Ал эмне жеген экен?
3. Апасы эмне деди?
4. Света кантип айыкты?
5. Сенин тамагың ооруганда эмне кыласың?

**2.** Сүйлөмдү туура түзгүлө.

1. Ооруп калды, бир күнү, Светанын, тамагы.
2. Оозуна, ал, муз, салган экен.
3. Чайкады тамагын, суусу, менен, ромашка.
4. Дары, апасы, берди, кызына.
5. Алар, чакырды, дарыгерди, үйүнө.
6. Айыгып кетти, кийин, Света, бир жумадан.

**3.** Сүйлөмдөрдү которгула.

**дары чөп** – лекарственная трава

1. Бизде дары чөптөр көп.
2. Алар коробузда, талааларда, тоолордо өсөт.
3. Билген адамдар алардан дары жасашат.

## Элүү тогузунчу сабак
# КАЙТАЛОО

**1.** Сөз айкаштарын түзгүлө.

| Кооз | Кыргызстанда |
|---|---|
| жер | Сары-Челек |
| ........................ | ........................ |
| ........................ | ........................ |
| ........................ | ........................ |
| ........................ | ........................ |
| ........................ | ........................ |
| ........................ | ........................ |

**2.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

1. Өсөт, токойдо, түрдүү, дарактар.
2. Таза, дем алышат, алар, токойдо, аба менен.
3. Суусу, Сары-Челектин, тунук.
4. Чыңдайлы, ден соолукту.
5. Кыргыздын, акыны, Токтогул, белгилүү.
6. Ойнодук, короодо, футбол, балдар, менен, кечээ.

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Токойдо … өсөт.
Улуттук тамак-аштар … абдан даамдуу.
Кымыз …
Комузду, … … жыгачынан жасашат.
Тамагың ооруса тезинен …

**4.** Тентек бала дарактын бутагын сындырайын деп жатат. Аны кантип токтотосуң? Сүйлөмдөрдү түзүп, сүйлөшкүлө.

**Үлгү:** – Дарактар абаны тазартат. Аны сындырбоо керек!

**5.** Төмөнкү сөздөрдөгү жоон жана ичке үндүүлөрдү таап, астын сызгыла.


Токойго, мамлекеттик корук, жагымдуу, ооруп калдым, даамдуу суусундук, пайдалуу, ден соолук, дарыгер, айыктым.

## Алтымышынчы сабак
# БЕЛГИЛҮҮ АДАМДАР

**1.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**улуу** – великий
**элдин турмушу** – жизнь народа

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ



Токтогул Сатылганов – кыргыз элинин улуу акыны. Ал комузчу да болгон. Токтогул элдин турмушу жөнүндө ырдаган. Бишкекте Токтогул атындагы филармония, мектеп, көчө бар.

1. Токтогул ким болгон?
2. Ал эмне жөнүндө ырдаган?
3. Токтогул атында эмне бар?

**2.** Токтогулдун ырларын окугула. Маанисин түшүнгүлө.

Дениң соодо эринбе,
Бекерликке берилбе.
Эркиң менен жумуш кыл,
Эринчээк жалкоо дедирбе.

Пока здоровье позволяет,
Трудись и не ленись.
Берись за любую работу,
Чтоб про тебя не говорили «лентяй».

Жаман адам белгиси,
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси,
Эл камы үчүн күйүнөт.

Плохой человек заботится о себе.
Хороший человек заботится обо всех.

**3.** Туура котормосун тапкыла.

**Я выучил новое стихотворение.**
а) Мен жаңы ыр котордум.
б) Мен жаңы ыр жаздым.
в) Мен жаңы ыр жаттадым.

**Я обратился к другу.**
а) Досум мага кайрылды.
б) Мен досума кайрылдым.
в) Ал досуна кайрылды.

## Алтымыш биринчи сабак
## СПОРТ ЖАНА БИЗ

**1.** Сүрөттөрдү карап, сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.




1. Бул эмне?
2. Булар кимдер?
3. Алар эмне кылып жатышат?

**2.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

**карма** – лови
**катуу ур** – бей сильнее
**тос** – лови
**жакшылап бер** – подавай хорошо
**жеңип алдык** – победили
**эмки жолу** – в следующий раз

### СПОРТ АЯНТЧАСЫНДА

Бүгүн жума. Жума күнү бизде дене тарбия сабагы болот. Биз спорт кийимдерин кийип, спорт аянтчага бардык. Бүгүн волейбол ойнойбуз. Биз 2 топко бөлүндүк.

– Саша, топту мага ыргыт!

– Карма, Таалай!
– Топту жакшылап бер, Аня!
– Катуу ур, Болот!
– Таалай, топту тос! Өйдө ыргыт!

Оюн абдан кызыктуу өттү. Биз жеңип алдык. Эмки жолу баскетбол ойнойбуз деп сүйлөштүк.

?

1. Бүгүн кайсы күн?
2. Дене тарбия сабагы кайсы күнү болот?
3. Биз кайда бардык?
4. Эмне ойнодук?
5. Балдар эмне дешти?
6. Биз эмне жөнүндө сүйлөштүк?

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1. Биз ..............., ................. жана ............... ойнодук.
2. Дене тарбия сабагында ............. ........... жасадык.
3. Мен топту .......... бердим. Ал топту ............. .......... .
4. Биз көңүлдүү .................... .

!

**4.** Сүйлөмдөрдү которгула.

1. Завтра урок физкультуры.
2. Будем играть в баскетбол.
3. Наша команда сильная.
4. Асан принесёт мяч.
5. Аня в нашей команде.
6. Мы любим урок физкультуры.

**ЭСТЕП КАЛ!**

**Эртең мененки гимнастика ден соолукка пайдалуу!**

## Алтымыш экинчи сабак

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК ОЮНДАРЫ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.



1. Булар кимдер?
2. Алар эмне кылып жатышат?

**2.** Текстти окуп. Суроолорго жооп бергиле.

**кунан чабыш** – бег на дистанцию
**күлүк** – самый быстрый
**байге** – приз
**тапшырылат** – вручается

### КУНАН ЧАБЫШ

Бул оюн чоң тойлордо өткөрүлөт. Оюнга майда балдар катышат. Аларды эркелетип «кунан» деп коюшат. «Кунан чабышта» кыздар өзүнчө катышат. Биринчи келген күлүк балага байге тапшырылат.

1. Бул оюн качан өткөрүлөт?
2. Ага кимдер катышат?
3. Эмне үчүн «кунан» деп коюшат?
4. Биринчи балага эмне тапшырылат?
5. Дагы кандай улуттук оюндарды билесиңер?

**3.** Сүйлөм түзүп, жазгыла.

Балдар оюну, жарышабыз, күлүк, оюн башталат, байге, кызыктуу.

**4.** Ырды көркөм окугула. Жаттагыла.

### КҮЛҮК БАЛАГА

Чуркай бергин талыкпай,
Кадам керип арыштай.
Сен да күлүк болосуң,
Кунаныңдан калышпай!

**талыкпай** – не уставая
**арыштай** – широко шагая
**калышпай** – не отставая

## Алтымыш үчүнчү сабак
## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУТТУК БАШ КИЙИМДЕРИ

**1.** Ырларды көркөм окугула.

**ак жүзүндөй** – светлое лицо
**ак нурундай** – светлые лучи
**баалуу** – ценный
**киели** – оденем
**алмаштырбай** – не сменив
**кирдетпей** – не загрязняя
**балпайышып** – с почестью, со статусом
**суйкайышып** – стройненькие
**перилерге** – красавицам
**сызып учуп** – полетев по небу
**жагыптыр** – понравилась

### КАЛПАК

Ак калпагы кыргыздын,
Ак жүзүндөй нур кыздын.
Ак кар баскан тоолордо,
Ак нурундай жылдыздын.



### ТЕБЕТЕЙ

Баалуу башка кийимден,
Башыбызга киели.
Алмаштырбай, кирдетпей,
Аталар кийген тебетей.



**ЭЛЕЧЕК**

Балпайышып энелер,
Суйкайышып жеңелер.
Элечекти кийишсе,
Перилерге теңелер.

**ШӨКҮЛӨ**

Ак шөкүлө Айчүрөк,
Ак куу болуп барыптыр.
Сызып учуп асмандан,
Семетейге жагыптыр.

*Г. Рысбаева*





**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**ыйык** – святое
**буюм** – вещь
**ардакташат** – почитают
**тепсендиге** – место, где много ходят
**тегеретип** – крутя

## УЛУТТУК БАШ КИЙИМДЕР

Кыргыздардын эң ыйык буюму – баш кийими. Кыргыздар аларды абдан ардакташат. Жерге, тепсендиге ташта-байт, аны тегеретип ойнобойт. Атасы баш кийимин баласына гана берет. Эч кимге белекке да бербейт. Адам отурган отургучка койбойт.

1. Баш кийимге кандай мамиле кылуу керек?
2. Баш кийимди эмне кылганга болбойт?
3. Атасы баш кийимин кимге берет?
4. Баш кийим жөнүндө эмне билесиңер?

**3.** Сүйлөмдөрдү туура түзүп жазгыла.

1. Ардакташат, баш кийимди, абдан, кыргыздар.
2. Таштабайт, жерге, эч убакта, баш кийимди.
3. Уулуна, берет, атасы, өзүнүн.
4. Бербейт, башка, белекке, бирөөгө.
5. Коюуга, отургучка, баш кийимди, болбойт.


**БИЛИП АЛ!**

Ак калпак – жигит көркү,
Элечек эненин көркү,
Шөкүлө жеңенин көркү.

## Алтымыш төртүнчү сабак
## УЛУТТУК ТАМАК-АШТАР

**1.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**бешбармак** – бешбармак (национальное блюдо)
**эң сыйлуу** – самое почётное
**бышырылат** – варится
**аралаштырат** – перемешивают
**чык** – здесь: бульон



### БЕШБАРМАК

Бешбармак – кыргыздын эң сыйлуу тамагы. Бышкан эт майда тууралат. Эттин сорпосуна кесме бышырылат. Эт менен кесмени аралаштырат. Үстүнө чык куюлат.

Бешбармак койдун, уйдун жана жылкынын этинен жасалат.

1. Кыргыздардын эң сыйлуу тамагы кайсы?
2. Ал кантип жасалат?
3. Бешбармак эмненин этинен жасалат?

**2.** Сөздөргө керектүү мүчөлөрдү улап жазгыла.

1. Менин апа… бешбармак жасады.
2. Бешбармак майда тууралган эт..., кесме... жасалат.
3. Биз бешбармак.. жакшы көрө… .

**3.** Кимге эмне жагат?

| | | |
|---|---|---|
| Мага | сорпо | **жагат** |
| Апама | куурулган балык | жакпайт |
| **Атама** | **бешбармак** | |
| Досума | тооктун эти | |
| Чоң атама | палоо | |
| | манты | |
| | самса | |
| | куурулган эт | |

**4.** Фильворддон бешбармакка керектүү азыктардын аттарын тапкыла.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ч | ы | к | е | ш | з | с | ч |
| м | и | т | ь | ю | ж | г | ф |
| ц | у | к | х | с | х | щ | и |
| **э** | **т** | я | а | о | й | ё | э |
| ы | п | о | м | р | ы | ч | т |
| л | х | э | ъ | п | и | я | з |
| ч | в | с | ю | о | б | ж | ю |
| к | е | с | м | е | ф | и | о |

1. эт
2. ____________
3. ____________
4. ____________
5. ____________

## Алтымыш бешинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Токтогул ............... элинин акыны.
2. Ал ............ черткен. Күүлөрү абдан .................. .
3. Балдар ................. ойноп жатышкан.
4. Бүгүн алар .............. ойношту.
5. Мен ................... жакшы көрөм.
6. Атамдын кооз ............... бар. Ал ага ............... .
7. Чоң энемдин ак .................. бар.
8. Жеңем .................. кийди.

**Керектүү сөздөр:** *шөкүлө, элечек, топ, кунан чабыш, жакшы, комуз, кыргыз, бешбармак.*

**2.** Ашык сөздү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Кунан чабыш | Калпак | Дарбыз |
| Жашынмак | Топу | Бешбармак |
| Окуу | Элечек | Сорпо |
| Качма топ | Өтүк | Палоо |
| Кыз куумай | Шөкүлө | Кесме |

**3.** Туура котормосун тапкыла.

**Бул абдан кызыктуу оюн.**

а) Это слишком хорошая игра.
б) Это очень интересная игра.
в) Это не очень интересная игра.

**У бабушки есть платок.**

а) Чоң энемдин элечеги бар.
б) Чоң энемдин жоолугу бар.
в) Чоң энемдин топусу бар.

**4.** Бул тамактарга кайсы азыктар керек? Аларды атагыла.

**Палоо** – картөшкө, пияз, капуста, сарымсак, эт, сабиз, кесме, күрүч, май, суу, банан, бадыраң, ашкабак, помидор, алма.

**Бешбармак** – тооктун эти, сүт, жумуртка, жусай, калемпир, уйдун эти, чык, кумшекер, каймак, пияз, айран, кесме.

**Манты** – эт, бал, сүт, камыр, пияз, ашкабак, бүлдүркөн, картөшкө, жусай, суу, жумуртка, кымыз, алча, помидор.

№ 4 Тесттик тапшырма.

**I. Суроолуу сүйлөмдөрдү көрсөткүлө.**
а) Менин атам дарыгер
б) Сенин байкең кайда окуйт?
в) Биздин Ата Мекенибиз – Кыргызстан
г) Жашасын тынчтык

**II. Сүйлөмдү толуктагыла.**
Бишкек шаары абдан ...
а) тунук
б) көрктүү
в) пайдалуу
г) бийик

**III. Кайсы сөздөрдө жоон үндүүлөр бар?**
а) мекенибиз
б) Кыргызстан
в) музейлер
г) тигүүчү

Тематикалык тапшырма.

«Токтогул Сатылганов», «Улуттук оюндар», «Улуттук баш кийимдер», «Улуттук тамак-аштар» деген темада сүйлөп бергиле. (тандоо боюнча 2 текст)

# Алтымыш алтынчы сабак

## ЖАЗ МЕЗГИЛИ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.
Суроолорго жооп бергиле.



1. Бул кайсы мезгил?
2. Эмне эрип жатат?
3. Эмне гүлдөп жатат?

**2.** Диалогду суроолор менен толуктагыла.

1. ______________________________?
2. Азыр жаз мезгили.
3. ______________________________?
4. Айлана-чөйрө кооз.
5. ______________________________?
6. Канаттуулар учуп келишти.
7. ______________________________?
8. Ооба, жагат.

**3.** Текстти окугула. Эмне кылдык? деген суроого жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.

**иш кызыйт** – кипит работа
**айдашат** – пропахивают
**себишет** – сеют
**көңүлүн көтөрөт** – поднимает настроение
**жаздын жыты** – запах весны

## ЖАЗЫНДА

Жазында күн жылый баштайт. Кар эрип, чөп чыгат. Келгин куштар келе баштайт. Алма бактар гүлдөйт. Талааларда иш кызыйт. Дыйкандар жер айдашып, буудай себишет. Жаз жылуулукту алып келет. Айлана-чөйрө сулуу көрүнөт. Жаздын жыты адамдын көңүлүн көтөрөт. Кыргызстанда эң кооз мезгил – жаз.

Текст боюнча суроо түзгүлө.

**4.** Ырды көркөм окуп, жаттагыла.

## ЖАЗ

Бак-дарактар бүр байлап,
Байчечекей гүл жайнап.
Көк шибер белден буралып,
Булбулдар турат тил кайрап.

*Ч. Иманалиев*

**бүр байлап** – появляются почки
**көк шибер** – зелёная лужайка
**тил кайрап** – готовы запеть

**5.** Макалды окугула. Маанисин түшүнгүлө.

Жаз жарыш, күз күрөш.
(Весной сеять, осенью убирать).

## Алтымыш жетинчи сабак
## МЕКТЕП БАГЫ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Сөз айкаштарын түзгүлө.



**Окуучулар:** тазалашты, ...................., ........................, ........, ...................., .................... .

**2.** Текстти окугула. Эмне кылдык? деген суроого жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.

**тырмоок** – грабли
**шыпырынды** – мусор
**көчөт** – саженец
**актадык** – побелили

### МЕКТЕП БАГЫ

Бүгүн биз мектептин багында иштедик. Арыктарды тырмоок менен тазаладык. Шыпырындыларды чыгардык. Көчөттөрдү алып келдик. Бактардын түбүн актадык.

– Алёша, сен күрөк менен жерди каз. Айбек, сен көчөттү отургуз. Аня, сен чакага суу алып кел, – деди биздин эжейибиз. Биз жакшы иштедик.


1. Биз кайда иштедик?
2. Кандай иштерди аткардык?
3. Ким эмне кылды?



**3.** Сүрөттөрдү чечмелеп, сүйлөм түзгүлө.

1. Жерди ............... менен каздык.
2. Арыкты ............... менен тазаладык.
3. Бакты ............... менен сугардык.
4. Бакчанын ичин ............... менен шыпырдык.
5. Бакчада ............... отургуздук.

**4.** «Эмгек шаймандары» деген кроссворддогу сөздөрдү тапкыла.




**Туурасынан**

1. веник
2. лопата

**Тигинен**

1. грабли
2. ведро

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

## менен (и)

Калем **менен** жазабыз.
Тырмоок **менен** жерди тырмайбыз.
Шыпыргы **менен** шыпырабыз.
Кашык **менен** сорпо ичебиз.

## Алтымыш сегизинчи сабак
# ЖАЗ МАЙРАМЫ 8-МАРТ

**1.** Текстти окугула. Өз оюңарды айтып бергиле.

**белекке** – в подарок
**өздөрү тарткан** – нарисованные своими руками
**гүлдесте** – букет



Бүгүн апамдын майрамы. Атам апама кооз гүлдесте берди. Иним экөөбүз торт жасадык. Анан чогулуп чай ичтик. Апам кубанды.



– Чоң эне, сизди майрамыңыз менен куттуктайбыз! – дешти Анара менен Нурбек. Алар чоң энесине белекке өздөрү тарткан сүрөттөрүн беришти.

– Ырахмат, неберелерим! – деп чоң эне аябай сүйүндү.

**2.** Куттуктоону окугула. Берилген үлгү боюнча куттуктоо открыткасын жазгыла.

**Кымбаттуу апаке!**
8-Март майрамыңыз
менен куттуктайм!
Сизге ден соолук,
бакыт-таалай, ийгилик-
терди каалайм.
Көп жашаңыз!

*Уулуңуз Цутому.*



**3.** Сүйлөмдөрдү которуп жазгыла.

1. Моя мама самая красивая.
2. Папа подарил красивый букет роз.
3. Мы испекли торт.
4. За столом сидели мама, папа, брат и я.
5. Праздник прошёл весело.

## Алтымыш тогузунчу сабак
## НООРУЗ МАЙРАМЫ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**эртелеп** – заранее
**ироттейбиз** – приводим в порядок
**батасын алабыз** – получаем благословение
**көжө** – сладкая каша из пшеницы
**аластайт** – очищает

### НООРУЗ МАЙРАМЫ

Жакында Нооруз майрамы келет. Ноорузга эртелеп даярданабыз. Үйлөрдү тазалайбыз, короолорду иреттейбиз. Нооруз күнү чоң атамдыкына конокко барабыз. Чоң

атама, чоң энеме белек беребиз. Алардын батасын алабыз. Үй-бүлөбүз менен дасторконго отурабыз. Дасторкондо түрдүү тамактар болот. Чоң энем көжө бышырат. Ал бизди жана үйдү аластайт. Биз ушул майрамды абдан жакшы көрөбүз!

?

1. Жакында кайсы майрам болот?
2. Биз эмне кылабыз?
3. Кайда барабыз?
4. Чоң атам менен чоң энем эмне кылышат?
5. Дасторкондо эмнелер болот?
6. Силер Ноорузда кантип майрамдайсыңар?

**3.** Ырды көркөм окугула. Маанисин түшүнгүлө.

## ЧОҢ АТА МЕНЕН ЧОҢ ЭНЕНИН БАТАСЫ

Дыйкандарга эгин бер,
Малчыларга төлүн бер.
Кампа толо дан болсун!
Короо толо мал болсун!

Ар нерсеге эпчил бол!
Өзүмчүл болбой, көпчүл бол!
Жакшыларга эрмек бол,
Жабык болбой, сергек бол!

**дыйкан** – земледелец
**төлүн бер** – дай приплод
**кампа толо** – полные закрома

**эпчил бол** – будь ловким
**көпчүл бол** – думай о других
**эрмек бол** – будь ласковым
**жабык болбой** – будь открытым

!

**4.** «Нооруз» деген темада сүрөт тартып, маек кургула.

## Жетимишинчи сабак
## ЖАЗГЫ КАНИКУЛДА

**1.** Текстти окугула. Өз оюңарды айтып бергиле.

**ушунчалык** – настолько
**көлдүн абасы** – морской воздух



## ЖАЗГЫ КАНИКУЛ

**Андрей:**

– Жазгы каникулда чоң атамдыкына, айылга бардым. Ал айыл Ысык-Көлдүн жээгинде. Эртеси чоң атам мени эрте тургузду. Көлдүн жээгине бардык. Көлдүн суусу тунук, абасы ушунчалык таза экен!

Чоң атам: Эртең менен эрте туруп көлдүн абасы менен дем алып тур. Ден соолукка пайдалуу! – деди.

1. Андрей жазгы каникулда кайда барды?
2. Көлдүн жээгине ким менен барды?
3. Көлдүн суусу кандай экен?
4. Сен жазгы Ысык-Көлдү көрдүң беле? Айтып бер.

**көп келчү** – много приезжал
**эсимде** – помню



Чоң ата:

– Алыкул Осмонов биздин айылга көп келчү.

– Ал кыргыздын таланттуу акыны болгон. Ысык-Көл жөнүндө көп ыр жазган. Алыкулдун бул ыры менин эсимде:

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырлуу мындай жолдош күткөн жокмун.

**жымжырт** – здесь: спокоен
**турмушта** – в жизни
**бир сырлуу** – постоянный

**3.** Көп чекиттин ордуна **-нын, -лар** мүчөлөрүн коюп жазгыла.

1. Чоң атам… үйү Ысык-Көлдө.
2. Ал айыл көл.. жээгинде.
3. Биз эртең менен ак куу…ды көрдүк.
4. Алыкул Ысык-Көл жөнүндө көп ыр…ды жазган.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**-быз, -биз, -буз, -бүз**

Биз кыргыз тилин окуй**буз**.
Текстти окуй**буз**, которо**буз**, айтып бере**биз**.
Биз Кара-Коо айылында жашай**быз**.
Биз кыргыз тили сабагын жакшы көрө**бүз**.

## Жетимиш биринчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүйлөм түзүп, аны окугула.

| | |
|---|---|
| күн | бердик |
| кар | эрийт |
| **чөп** | болот |
| келгин | багы |
| алма | себилет |
| бактар | иштейт |
| дыйкандар | мезгил |
| буудай | **чыгат** |
| майрам | учуп келишет |
| кооз | гүлдөйт |
| белек | узарат |

**2.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

1. Алып келдик, биз, көчөттөрдү.
2. Мугалим, бакчасына, менен, мектеп, биз, бардык.

3. Менен, суу, куйдук, чака, бактарга.
4. Каздык, менен, күрөк, жерди.
5. Иштедик, жакшы, бакчада, бүгүн, биз.

**3.** Суроолорго жооп жазгыла.

1. Жазында жаратылыш кандай болот?
2. Мектеп бакчасында кимдер иштеди?
3. Майрамды кандай өткөрөсүңөр?
4. Жаз жөнүндө кандай ыр билесиңер?
5. Сага кайсы жыл мезгили жагат?

**4.** Сүйлөмдөрдү которгула.

1. Каникулы провёл на берегу озера.
2. Со мной был дедушка.
3. Воздух в озере очень чистый.
4. Волны бились о берег.
5. По воде плавали лебеди.

**5.** «Жаз» мезгили» деген темада сүрөт тартып сүйлөп бергиле.

## Жетимиш экинчи сабак
## ЭС АЛУУ

**1.** Сүрөттөрдү карап, ал боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**кээде** – иногда, иной раз
**күйөрман** – болельщик
**топтомун** – в команде

## ЭС АЛУУ КҮНҮ

Биз мектепте беш күн окуйбуз. Ал эми ишемби, жекшемби күндөрү эс алабыз. Досум экөөбүз кээде бул күнү футбол ойнойбуз.

Айылда чоң футбол аянты бар. Ишемби күнү бул жерде балдар көп. Мен досум менен бир топтомун. Кошунам Айбек биздин күйөрман. Биз кийинки ишембиде музейге барабыз деп сүйлөштүк.

1. Силер кайсы күнү эс аласыңар?
2. Ишемби күнү эмне кыласыңар?

**3.** Сүйлөмдөргө суроо түзгүлө.

1. ______________________________________?
   Биз ишемби күнү кыздар менен киного бардык.
2. ______________________________________?
   Апам менен атам театрга барганды жакшы көрүшөт.
3. ______________________________________?
   Бөбөгүм жайкы каникулда көлгө барып келди.

**4.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

– Айназик, сен эртең эмне кыласың?
– Мен бош элемин. Эмне болду?
– Чогуу паркка барып эс алып келбейлиби. Азыр жаңы аттракциондор ачылыптыр.
– Макул, канчада жолугушалы?
– Эртең ишемби эмеспи. Эрте эле баралы.
– Болуптур, сүйлөштүк.
– Анда жакшы тур.

# Жетимиш үчүнчү сабак

# МУЗЕЙДЕ

**1.** Берилген сөз айкаштарын окугула

Музейде → илгерки буюмдар
Музейде → эмгек шаймандары
Музейде → илгерки идиш-аяктар
Музейде → тарыхый буюмдар

**2.** Текстти окуп. Качан? деген суроого жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.

**ачылган** – открылся
**эмгек шаймандары** – орудия труда
**мурда көрбөгөн** – что раньше не видели
**илгерки** – древние



## БИЗДИН МУЗЕЙ

Биздин айылда музей бар. Анын ачылганына көп болду. Музей саат тогуздан бешке чейин иштейт. Алтынчы күнү классыбыз менен музейге экскурсияга бардык. Бул жерде илгерки буюмдар сакталат. Мурда биз көрбөгөн идиш-аяктар, эмгек шаймандары, эски сүрөттөр да бар. Музейде иштеген Гүлүшкан эже бизге көп нерселерди айтып берди. Мага музей абдан жакты.

1. Музей кайда жайгашкан?
2. Ал кайсы убакта иштейт ?
3. Ким менен бардыңар эле?
4. Эмнелерди көрдүңөр?
5. Музей жактыбы?
6. Силер жашаган аймакта музей барбы?

**3.** Сүйлөмдөрдү туура түзүп жазгыла.

1. Мен, бардым, жекшембиде, музейге.
2. Иштей баштайт, биздин, саат, ондо, музей, айылдагы.
3. Айтып берет, жөнүндө, баатырлары, согуш, ал.
4. Музейде, өтө, буюмдар, баалуу, сакталат.

## Жетимиш төртүнчү сабак
## ЦИРКТЕ

**1.** Текстти окуп. Өз оюңарды айтып бергиле.

**оюн** – здесь: представление
**аба акробаттары** – воздушные акробаты
**эч качан** – никогда
**унутпайм** – не забуду



**Рамазан:**

– Жазгы каникулда ата-энем менен шаарга келдим. Москвадан цирк келиптир. Мен биринчи жолу циркти көрдүм. Чоң аренада артисттер кызыктуу оюн көрсөттү. Мага баарынан аба акробаттары жакты. Алар укмуштуудай сонун оюн көрсөттү. Мен бул эс алуумду эч качан унутпайм.

1. Рамазан жазгы каникулда кайда барды?
2. Ал эмнени көрдү?

3. Цирктеги оюндар кандай экен?
4. Рамазанга эмнелер жакты?
5. А сен циркте болдуң беле?
6. Сага эмнелер жакты эле?

**2.** Көп чекиттин ордуна **-ны** мүчөсүн улап жазгыла.

1. Мен цирктен үйрөтүлгөн аюу..., жолборс..., маймыл... көрдүм.
2. Балдар клоун... көргөндө абдан кубанышты.
3. Ал атайы акробаттар... көрөм деп келген.
4. Мугалимибиз циркке билеттер... алып келди.
5. Биздин үй-бүлө цирк... аябай жакшы көрөт.

**3.** Тыным жасап окугула.

Наташа экөөбүз жекшембиде циркке бардык ал циркти жакшы көрөт мен да цирктеги оюнду жактырам Наташага жонглёрлор жагат мага болсо үйрөтүлгөн жаныбарлар курбум экөөбүз тең циркке барганды жакшы көрөбүз.

## Жетимиш бешинчи сабак
## ТЕАТРДА

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.



1. Сүрөттө эмне тартылган?
2. Анда эмне деп жазылыптыр?
3. Маскалар эмне үчүн бири күлүп, бири ыйлап турат?

**2.** Окуп, эстеп калгыла

Театрда →
- көшөгө бар
- оюн көрсөтүлөт
- актёрлор ойнойт
- кол чаптык
- көрүүчүлөр көп

**3.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**куурчак театры** – кукольный театр
**жакында** – недавно
**кайгылуу** – грустный
**окуя** – история

## ТЕАТРДА

**Үлгү:**

**Динар:** – Нина, сен куурчак театрында болдуң беле?

**Нина:** – Ооба, болгом. Мага куурчактардын оюну абдан жагат.

**Динар:** – А сен качан болдуң эле?

**Нина:** – Жакында эле. Кышкы каникулда «Коён жана Аяз кыз» деген жомокту көрдүм. А сенчи?

**Динар:** – Мен да каникулда бардым. Апам мага билет алып берген. Алдыңкы орунда отурдум. Оюн абдан жакты.

**Нина:** – Ал кайсы оюн эле?

**Динар:** – «Кичинекей гномдун окуясы» деген жомок. Башында кайгылуу экен, бирок аягында аябай күлдүк.

**4.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1. Биздин шаарда .................... театры бар.
2. ....................... балдар үчүн жомок көрсөтүлдү.
3. Оюн ................. кызыктуу болду.
4. Биз ........................ орунда отурдук.
5. Актёрлорго кол .................... .
6. Алар ..................... жүгүнүштү.

**Керектүү сөздөр:** *бизге, чаптык, алдыңкы, абдан, театрда, куурчак.*

**5.** Силер театрда болдуңар беле? Сүрөт тартып, маектешкиле.

## Жетимиш алтынчы сабак
## ПАРКТА

**1.** Сүйлөмдөрдү окугула. Аларды эстеп калгыла.

| | | |
|---|---|---|
| Паркта | селкинчек<br>аттракцион | бар. |
| Биз | селкинчек<br>каруселде | тептик.<br>айландык.<br>ойнодук. |

**2.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстеп, суроолорго жооп бергиле.




1. Паркка кимдер келишти?
2. Парк кандай экен?
3 Алар эмне кылышты?

4. Кандай оюндарга катышты?
5. Убакытты кандай өткөрүштү?

**3.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**

**Андрей:** – Салам, Бакыт! Кайдан келатасыңар?

**Бакыт:** – Салам, Андрей! Мына бул менин иним. Аты Мырза. Экөөбүз паркка барып эс алып келатабыз.

**Андрей:** – Абдан жакшы. Кайсы аттракциондорго түштүңөр?

**Бакыт:** – Мырзага абдан жакты. Ал оюнчук машина айдады, каруселде айланды. Мен болсо тирге бардым.

**Андрей:** – Эмки барганда чогуу баралы.

**Бакыт:** – Макул, сүйлөштүк.

**4.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**чынжыр карусели** – цепочная карусель
**бөлөнгөн** – заполнен

## ПАРКТА

Биз жекшемби күнү достор менен паркка бардык. Паркта көптөгөн адамдар эс алышат. Мында кызыктуу атракциондор көп. Мына кичинекейлер үчүн паровоздор. А бул чынжыр карусели. Бизге бул атракцион аябай жакты. Парктагы эс алуу эң сонун өттү.

1. Жекшемби күнү балдар кайда барды?
2. Эмнелерди көрүштү?
3. Паркта кимдер эс алат?
4. Балдар кайсы атракционду жактырат?
5. Өзүңөрдүн эс алууңар жөнүндө айтып бергиле.

**5.** Сүйлөмдөрдү туура түзүп, жазгыла.

1. Бардык, биз, паркка, кечээ.
2. Менин, сатып берди, парктан, кооз, апам, шар.
3. Таттуу, жедик, кебез, сатып.
4. Мага, тирде, жагат, оюнчук, утуп алуу.
5. Кечке чейин, жүрдүк, паркта, биз, жыргап.

## Жетимиш жетинчи сабак
# ШААРДАГЫ САЯКАТ

**1.** Текстти окугула. Өз оюңарды айтып бергиле.

**саякат** – экскурсия, путешествие
**арналган** – посвящённый
**Өкмөт үйү** – Дом правительства



## ШААРДАГЫ САЯКАТ

Бир күнү классыбыз менен шаарга саякатка чыктык. Мына, шаарыбыздын чоң көчөсү. Ал Манас баатырдын атында. Көчөдө көптөгөн имараттар бар. Бул эң чоң көчө – Чүй проспектиси. Мына, филармония. Анын алдында «Манас» эпосуна арналган эстеликтер бар. Бул улуттук университет. Мына, Ала-Тоо аянты. Анда Өкмөт үйү бар. Бул Абдырахманов көчөсү. Мында эң чоң дүкөндөр, китепкана, театрлар бар. Шаардагы саякат бизге абдан жакты.

1. Балдар кайда барышты?
2. Шаардын чоң көчөсү кандай деп аталат?
3. Филармониянын алдында кандай эстеликтер бар?
4. Картадан Өкмөт үйүн, Ала-Тоо аянтын, Манас көчөсүн, Чүй проспектисин көрсөткүлө.
5. А сен Бишкек шаарына саякатка чыктың беле?

**Сен жашаган шаарда, айылда кандай көчөлөр бар? Аларды атап, картасын түз.**

**2.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1. Бир күнү ............... менен шаарга саякатка чыктык.
2. Курдашым экөөбүз ..................... көрдүк.
3. Саякатыбыз ...................... башталды.
4. .......................... бизге аябай жакты.
5. Бул саякат ................... эсимде калат.

## Жетимиш сегизинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө

Эс алуу, парктын ичи, музейде, театрга, киного.

**2.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Мен театрга .........
Жакында эле биз .........
Цирктин ичи .........
Музейде эски ........
Паркка баруу үчүн ........
Майда балдар .........
Аттракциондордун баасы .........

**3.** Сүйлөмдөрдүн туура котормосун тапкыла.

**На выходные идём кататься на роликах.**

а) Эс алуу күнү ролик тебебиз.
б) Дем алыш күндөрү ролик тебебиз.
в) Ишемби күнү ролик тебебиз.


**Биз классыбыз менен тарых музейине бардык.**

а) Мы с классом ходили в зоологический музей.
б) Мы с классом ходили в изобразительный музей.
в) Мы с классом ходили в исторический музей.

**4.** Каталарын таап, туура жообун айткыла.

1. Музейде көшөгө бар.
2. Биз театрга бардым.
3. Музейден селкинчек тептик.
4. Парктан эски буюмдарды көрдүм.
5. Ала-Тоо аянты филармониянын алдында.

**5.** Кроссворддогу эс алууга байланыштуу сөздөрдү тапкыла.




**Туурасынан:**

1. Дни отдыха.
2. Там есть карусель.

**Тигинен:**

1. Там есть сцена.
2. Там старина.
3. Там большой экран.

№ 5 Тесттик тапшырма

**I. Сүйлөмдү толуктагыла.**

Жазында аба-ырайы … болот.

а) ызгаарлуу б) ысык
в) жылуу г) кубанычтуу

**II. Жазгы майрамдар кайсылар?**

а) Жаңы Жыл, Курман Айт б) 8-Март, Нооруз
в) Эгемендүүлүк күнү г) Орозо Айт

**III. Кайда? деген суроого жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.**

а) театрда, саякатта б) циркten, айылдан
в) футболду, конoктон г) шаардан, кунан чабыш

Тематикалык тапшырма

«Менин эс алуум», «Музейде», «Паркта», Театрда» тексттерин айтып бергиле (тандоо боюнча 2 текст).

# IV ЧЕЙРЕК

## Жетимиш тогузунчу сабак
## ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК

**1.** Текстти окугула. Маанисин түшүнгүлө.

**бөлүнбөйбүз** – не делимся
**жеңишке ээ болобуз** – побеждаем
**ырыс** – счастье

### ЫНТЫМАКТУУ КЛАСС

Биздин класста ар улуттун балдары окуйт. Биз эч качан «сен кыргызсың, мен орусмун, ал өзбөк, бул дунган» деп бөлүнбөйбүз. Мектепте ар кандай конкурстар болгондо дайыма жеңишке ээ болобуз. Анткени биз абдан ынтымактуубуз. Силер да ынтымактуу болгула!

1. Класста кимдер окушат?
2. Алар кандай балдар?
3. Силердин класс кандай?

**Силердин класс кандай? Айтып бергиле.**

**2.** Сүйлөмдөрдү которуп жазгыла.

1. В нашем классе много девочек.
2. Мы всегда помогаем друг другу.
3. Все задания делаем дружно.
4. Дружите и вы!

**3.** Жомоктогу сүрөттөрдү чечмелеп окугула.

**чырпык** – прутик
**боолап** – завязав вместе
**кыйып келгиле** – срежьте
**кана** – ну-ка
**сындыргылачы** – поломайте-ка

Илгери-илгери бир  жашаптыр.

Анын 9 уулу бар экен. Алардын ынтымагы жок экен.

Бир күнү абышка уулдарын  жиберет.

Бирден  кыйып келгиле дейт.

 тоодон чырпык алып келишет.

Абышка аларды боолап, уулдарына берет.

«Кана, бооланган  сындыргылачы!» , – дейт.

 сындыра албай коюшат.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

**Ырыс алды – ынтымак**

## Сексенинчи сабак
# ДОСТУК ФЕСТИВАЛЫ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Текстти окуп. Суроолорго жооп бергиле.

**аймак** – территория
**өкүлдөрү** – представители
**фестиваль убагында** – во время фестиваля
**ар бир улут** – каждая национальность
**салттар** – традиции

## ДОСТУК ФЕСТИВАЛЫ

Биздин аймакта ар улуттун өкүлдөрү жашайт. Жакында достук фестивалы болду. Ага орустар, кыргыздар, украиндер, кореецтер, казактар, тажиктер ж. б. катышты. Фестиваль убагында ар бир улут өзүнүн тамак-аштары, улуттук кийимдери, салттары менен тааныштырды. Алар бири-бири менен достошту. Дагы жолугушалы деп сүйлөштү. Фестиваль баарына жакты.

1. Бул аймакта кайсы улуттун элдери жашайт?
2. Алар эмне өткөрүштү?
3. Ар бир улут эмне даярдады?
4. Эмне жөнүндө сүйлөштү?
5. Аларга фестиваль жактыбы?
6. Силердин аймакта кайсы элдин өкүлдөрү жашайт?

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Биздин аймакта ..................., ............ жана .............. жашашат.

Алар абдан .................... . Бирге жер айдашат. Бирге ................ жыйнашат.

Бирге майрамдарды ................. . Бири-бирине .................. ...................... .

**Керектүү сөздөр:** *Ынтымактуу, орустар, казактар, кыргыздар, түшүм, сыйлашат, жардам беришет.*

**4.** Сөздөрдөгү жоон, ичке үндүүлөрдү бөлүп жазгыла.

| фестиваль, улуттар, достор, бийлери, кошуна, ырыстуу, ынтымактуу, бирине бири, тамак-аштары, салттары, бирдиктүү, чогуу, улуу, кичүү, украиндер, казактар, аймакта, республикабыз, достук, ат, тилдери, өкүлдөрү. | | |
|---|---|---|
| **Жоон үндүүлөр катышкан сөздөр** | **Ичке үндүүлөр катышкан сөздөр** | **Жоон жана ичке үндүүлөр катышкан сөздөр** |
| **Улуу**<br>....................<br>....................<br>....................<br>....................<br>.................... | **Кичүү**<br>....................<br>....................<br>....................<br>....................<br>.................... | **Украиндер**<br>....................<br>....................<br>....................<br>....................<br>.................... |

## Сексен биринчи сабак
## ОКУУЧУНУН БИР КҮНҮ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле. Суроолорго жооп бергиле.



1. Булар кимдер?
2. Алар эмне кылып жатышат?
3. Алар кимге жардам бергени келишти?

**2.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**улууга урмат** – пожилым почёт

**Үлгү:**

**Наргиза:** – Илья, сен бошсуңбу? Жүрү, Зоя энеге барып жардам берип келели.

**Илья:** – Зоя эне ооруп жатыптыр.

**Наргиза:** – Ооба. Өзү чака көтөрө албайт да. Короосу да чачылып кетиптир.

**Илья:** – Жүрү анда. Мен суу ташыйын, сен короону шыпыр.

**Наргиза:** – Ооба, улууларга урмат кылыш керек!

**3.** «Улууга урмат» дегенди кантип түшүнөсүң?

**«Улууга урмат» – бул**
Орун бошотуп берүү.
Дары алып келип берүү.

Суу ташып берүү.
Сый мамиле жасоо.
Жакшы сөз айтуу.
Келиңиз, алыңыз! – деп айтуу.

**4.** Сый сөздөрдү ким көп билет?

**Чоң ата, чоң эне!**
Келиңиз, отуруңуз! Ысык чай ичиңиз! .........  .........

## Сексен экинчи сабак
## БАЛДАР АЯНТЧАСЫНДА

**1.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**кум төгүлгөн жер** – песочница
**каакым** – одуванчик
**чачып салды** – разбросал



### БАЛДАР АЯНТЧАСЫНДА

Короодо кичинекей балдар үчүн кум төгүлгөн. Күн жылуу болгондо апалар балдары менен ушул жерге келишет. Бөбөктөр кумда ойношот. Каакымдарды тигишет. Кичинекей чакалары менен аларды сугарышат.

Бир күнү 4 – 5 жаштагы балдар ойноп жатышкан. Кошуна үйдөгү бала келип, кумдун баарын чачып салды. Анан бирөөнүн оюнчук күрөгүн сындырып да койду. Бөбөктөр ыйлап калышты..

1. Короодо эмне төгүлгөн?
2. Апалар балдары менен кайда барышат?
3. Бөбөктөр эмне кылышат?
4. Эмнени тигип, сугарышат?
5. Ким кумду чачып, оюнчукту сындырды?
6. Кимдер ыйлап калышты?
7. Силердин короодо балдар аянтчасы барбы?
8. Силер бөбөктөргө кандай мамиле кыласыңар?

**2.** Тентек балага кандай сөздөрдү айтсак болот?

– Кичинекей бөбөктөрдү ыйлатпаш керек!
– Уятың барбы?
– Кичүүлөрдү да сыйлаш керек!
– Тарбияң жок экен!
– Сенин өзүңдү ушундай кылса кандай болот?

**3.** «Балдар аянтчасы» деген темадагы сүрөт тарткыла. Ал боюнча сүйлөп бергиле.

## Сексен үчүнчү сабак
## ӨТҮНҮЧ СӨЗДӨР

**1.** Тексттерди окугула.




– Эже, мага китеп берип коёсузбу?
– Кайсы китепти?
– Мага «Кыргыз эл жомоктору» керек.



– Байке, мага туз берип коюңузчу.
– Тамактын тузу жок бекен?
– Тузу аз экен.

– Агай, мага бул тапшырманы түшүндүрүп коёсузбу?
– Кайсы тапшырма экен?
– Мына бул, 25 – көнүгүү.






– Айтып коюңузчу, куурчак театрына кантип барсам болот?
– Азыр солго бурулсаң, чоң имарат турат. Ошол куурчак театры.

– Мага жардам бергиле!



**2.** Тексттеги өтүнүч сөздөрдү жазгыла.

**БИЛИП АЛ!**

## ӨТҮНҮЧ СӨЗДӨР

– Айтып коёсузбу?
– Билүүгө болобу?
– Түшүндүрүп коёсузбу?
– Көрсөтүп коюңузчу?
– Берип коёсузбу?
– Уруксатпы?

## Сексен төртүнчү сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

Менин досум ................ . Анын улуту ................ . Биз бирге ................... .

Чоң ата, келиңиз ...................... ....................... .

Анын эжеси .......... окуйт. Келечек кесиби .................. .

Мен ашканадан апама ........... .................. . Апам мага « .........................!» - дейт.

Автобуста бош орун аз экен. Алмаз эжекеге «................ ........... ...................!» - деди.

Ырыс алды ....... .

Улууга .........., кичүүгө ........... .

**2.** Сүйлөмдөрдү туура түзүп, жазгыла.

1. Апа, жардам, сизге, берейинби.
2. Китепканада, бар, кызыктуу, ырлары, Осмоновдун.
3. Кичинекей, ыйлап калды, бир, убакта. Аянтта.
4. Сooроттум, аны, мен, колумдан келишинче.

**3.** Ашык сөздү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Айтып коёсузбу | Саламатсызбы | Достук |
| Көрсөтүп коюңузчу | Салам | Ынтымак |
| Түшүндүрүп коёсузбу | Кандайсың | Урушуу |
| Ыракмат | Көрүшкөнчө | Бир тилекте болуу |
| Уруксатпы | Амансызбы | Достошуу |

**4.** Туура котормосун тапкыла.

**Мени кечирип коюңузчу!**

а) Простите меня, пожалуйста.
б) Помогите мне, пожалуйста!
в) Переведите меня, пожалуйста!

**Айтып коюңузчу, дарыкана кайсы жерде?**

а) Покажите, где библиотека.
б) Скажите, пожалуйста, где аптека?
в) Можете показать мне аптеку?

## Сексен бешинчи сабак
## БЕЛГИЛҮҮ ДАТАЛАР

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.




**2.** Текстти окуп. Суроолорду түзгүлө.

### БЕЛГИЛҮҮ ДАТАЛАР

Мына, календарь. Анда белгилүү даталар көп. Бул күндөр календарда кызыл менен белгиленген. Мына: 1-январь – Жаңы жыл. 8-март – аялдардын майрамы, 21-март – Нооруз майрамы. 9-май – Жеңиш күнү, 1-июнь – балдарды коргоо күнү, 31-август – Кыргызстандын эгемендүүлүк күнү. Кызыл менен белгиленген – майрам күндөрү. Биз эс алабыз, майрамдайбыз.

**3.** Туура жообун тапкыла.

- 21-март Жаңы жыл.
- Нооруз 12-апрелде.
- 1-май эмгек майрамы.
- 31-август балдардын күнү.
- 1-июнь Эгемендүүлүк күнү.
- 31-декабарь Жаңы жыл.

**4.** Сүйлөмдөрдү которгула.

- 1 июня – праздник детей.
- Мы отмечаем Нооруз 21 марта.
- Давайте поздравим с 8 марта.
- 31 августа – День независимости.

## Сексен алтынчы сабак
## ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ

**1.** Сүрөт боюнча сөздөрдү эстегиле.



**2.** Текстти окугула. Кимдин? деген суроо жооп берген сөздөрдү көрсөткүлө.

**согуш** – война
**ардагер** – ветеран
**душмандардан коргогон** – защищал от врагов
**аскерлерди** – бойцов
**унутпай** – не забывая

## СОГУШТУН АРДАГЕРЛЕРИ

Анянын чоӊ атасы ветеран. Ал согушка катышкан. Элин, жерин душмандардан коргогон. Анын көп орден жана медалдары бар.

Бул – Кубаттын чоӊ энеси. Ал дагы согуштун ветераны. Ал медсестра болчу. Көп аскерлерди сактап калган. Биз ветерандарды унутпай, сыйлашыбыз керек.

1. Анянын чоӊ атасы ким?
2. Анын эмнелери бар?
3. Кубаттын чоӊ энеси ким?
4. Ал согушта эмне кылган?
5. Биз аларга кандай мамиле кылышыбыз керек?

**3.** Ырды көркөм окугула. Маанисин түшүнгүлө.

## ЖЕӉИШ МАЙРАМЫ

9-май майрам,
Бизге келди ал кайдан?
Жеӊиш менен чоӊ атам,
Ала келген майдандан.

Биз көрбөйлү согушту,
Жаша Жеӊиш майрамы!
Бакыт үчүн күрөшөт,
Бардык элдин балдары!

*К. Белеков*

**жеӊиш** – победа
**майдандан** – с поля боя
**жаша** – да здравствует
**күрөшөт** – борется

**4.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**
– Сергей, сен 9-май эмне күн экенин билесиӊби?
– Ооба, ал Жеӊиш майрамы.

– Сен ардагерлерди куттуктайсыңбы?

– Ооба. Мен өзүм жасаган белегим бар. Ошону берсем дейм.

– А сен билесиңби, биз аларды класска чакырдык.

– Абдан жакшы. Майрам тез эле келсе экен!

**5.** Ардагер чоң аталарга, чоң энелерге куттуктоо жазгыла.

## Сексен жетинчи сабак
## ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

**1.** Сүрөт боюнча мезгилдерди эстегиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |
| **Ж _ _** | **_ _ Й** | **_ _ З** | **_ Ы _** |

**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

### ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

Жыл төрт мезгилге бөлүнөт. Алар күз, кыш, жаз жана жай. Ар бир мезгил өзүнчө кооз.

**Жаз** келгенде жаратылыш өзгөрөт. Жер көгөрүп, алма бактар гүлдөйт.

**Жайында** күн аябай ысыйт. Талаада иш кызыйт. Эс алуулар да башталат.

**Күз** келгенде жер-жемиштер бышат. Түшүм жыйналат. Жалбырактар саргаят.

**Кышында** күн суук болот. Кар жаайт. Суулар тоңот. Жол тайгак болот.

1. Бир жылда канча мезгил бар?
2. Жазында жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болот?
3. Жайында аба-ырайы кандай болот?
4. Күзүндө эмнелер бышат жана жыйналат?
5. Кыш кандай?
6. Сага кайсы мезгил жагат? Жаккан мезгилдин сүрөтүн тартып, сүйлөп бергиле.

**3.** Сөздөргө керектүү мүчөнү улап жазгыла.

1. Кыргызстан… жайы жылуу, кышы салкын.
2. Жазында дарак… бүрдөйт.
3. Жайында талаа… иш кызыйт.
4. Окуучулар эс алуу… чыгышат.
5. Күзүндө жемиштер… жыйнай…
6. Кышында суу… тоңот.

## Сексен сегизинчи сабак
## ЖАЙ МЕЗГИЛИ

**1.** Текстти окугула. Бири-бириңерге суроо бергиле.

**күнгө күйүп** – загорал(-а)
**атка минем** – буду кататься на коне
**шиберге жатып** – лёжа на мягкой траве
**эстеп жүрөм** – буду помнить



## ЖАЙКЫ ЭС АЛУУ

Жай эң сонун мезгил. Жакында каникулга чыгабыз. Биз жайлоого, көлгө барып эс алабыз. Жайында жаратылыш абдан кооз

Менин курбум жайында көлгө чоң энесиникине барат. Ал күнгө күйүп, сууга түшөт.

Мен болсо чоң атама жайлоого барам. Кымыз ичем, атка минем. Бакыт байкем жылкы кайтарат. Мен ага жардам берем. Жеңем болсо бээ саап, кымыз жасайт. Чоң энем экөөбүз шиберге жатып, эс алганды жакшы көрөбүз.

Мен жай мезгилин көпкө чейин эстеп жүрөм.

?

1. Жай кандай мезгил?
2. Сенин курбуң кайда эс алат?
3. Жайлоодо эс алуу кандай өтөт?
4. Сен жайкы каникулуңду кантип өткөрөсүң? Айтып бер.

**2.** Ырды көркөм окугула.

Ысык кумда кактанып,
Сууга түшөм түштө мен.
Ооруганды билбеймин,
Күнгө күйгөн бүт денем.

*Т. Самудинов*

**кактанып** – загорать

**3.** Сүйлөмдөрдү туура түзүп, жазгыла.

1. Ысык, күн, бүгүн.
2. Түшөбүз, сууга, күйөбүз, күнгө.
3. Чыгып, жайлоого, эс алабыз.
4. Жемиштер, бышат, жайында, көп,
5. Барабыз, биз, токойго, эс алууга.

**БИЛИП АЛ!**

1. Күн ысыкта баш кийим кийиш керек.
2. Күнгө өтө көп күйүүгө болбойт.
3. Жолго жакын жерде ойноого болбойт.
4. Китеп окуганды унутпагыла.
5. Сууну кайнатып ичкиле.

6. Жемиштерди жууп жегиле.
7. Сууга түшкөндө алыс кетпегиле.
8. Атка мингенде алыс кетпе.
9. Сүттү кайнатып ичкиле.

## Сексен тогузунчу сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Календардагы белгилүү даталар .............. түс менен белгиленген.
Жолдошум атасын ................ белек тапшырды.
Эжем менен байкем чоң атамды ............... чакырышты.
Жеңиш майрамын ................. эл майрамдайт.
Баарыбыз саякатта .................. болдук.
Жайлоодон эң сонун ................. көрдүк.
Боз үйлөрдүн жанында .................. агат.
Жеңем ............ саады.

**Керектүү сөздөр:** *конокко, кызыл, кооз, шаарда, бээ, гүлдөрдү, бардык, суу.*

**2.** Сөздөрдү көптүк санда айткыла.

Ардагер, гүлдесте, майрам, эл, саякат, шаар, автобус, жемиш, алма-бак, белгилүү дата, түс, жайлоо.

**3.** Сөздөрдү үлгү боюнча өзгөрткүлө.

**Үлгү:**
Куттуктайт – куттукташат – куттуктап жатышат

Ырдайт…
Сүйлөйт…
Берет…
Барат…
Эс алат…
Сууга түшөт…
Атка минет…

Тематикалык тапшырмалар

«Жеңиш майрамы», «Белгилүү даталар», «Жай мезгили», «Саякатта» тексттерин айтып бергиле (Тандоо боюнча 2 текст).

## Токсонунчу сабак

## ЖАНЫБАРЛАРДЫН ТАЛАШЫ

**1.** Тамаша ырды ролдошуп окугула.

**мактанчаак** – хвастливый
**үй жумушу** – домашние дела
**тебенээк** – лягающийся



### КОЁН

Сени болсо коёндор,
Мактанчаак деп жүрүшөт.
Үй жумушун унутуп,
Жалкоо коён деп күлөт.




### МАМАЛАК

Кичинекей мамалак,
Мектепке барам деп жүрөт.
Дептер, кагаз, калем сап,
Тез алып бер деп жүрөт.



### КУЛУН

Сени болсо кулундар,
Тебенээк деп жүрүшөт.
Отургандын баарысын,
Отургузбай күүлөнөт.



### ТОРОПОЙ

Кичинекей торопой,
Сени тентек деп жүрөт.
Сабактарга кечигип,
Уят кылат деп күлөт.

### БААРЫ:

Эми болсо баарыбыз,
Жалпы үлгү бололук.
Жаман экен дедирбей,
Жакшы атка конолук.

**2.** Тексттеги кандай? деген суроого жооп берген сөздөрдү таап, жазгыла.

**3.** Булар кандай жаныбарлар? Үлгү боюнча сүрөттөгүлө.

Коён, кулун, торопой, мамалак.

**Үлгү:**

**Мамалак** – кичинекей, өңү күрөң, токойдо жашайт, бүлдүркөндү жакшы көрөт.

## Токсон биринчи сабак

## КИТЕПКАНАДА

**1.** Диалогду окугула.

**акыркы чыккан** – здесь: новый(-ая)
**тапшыр** – сдай
**булгабай** – не пачкай
**барактары** – страницы
**айрылбасын** – чтоб не порвались

### КИТЕПКАНАДА

– Саламатсызбы, эже?
– Саламатчылык, кел, келегой.
– Эже, сиздерде жомок китептер барбы?




– Ооба, абдан көп. Сага кайсы элдин жомогу керек?

– Мага кыргыз эл жомокторун бериңизчи.

– Мына, акыркы чыккан китеп. Мында баардык жомоктор бар.

– Ыракмат!

– Китепти 2 жумадан кийин тапшыр. Аны булгабай таза карма. Барактары айрылбасын.

– Макул, эже. Жакшы калыңыз!

– Жакшы барагой.

**2.** «Диалогду улантып маек кургула.

– Акжол, жүрү китепканага баралы.

– Макул. Кайсы китепканага?

– Биздин мектептин китепканасына. Анда кызыктуу ...

**3.** Текстти окуп. Өз оюңарды айткыла.

**адабият** – художественная литература
**даярданышат** – готовятся

## МЕКТЕП КИТЕПКАНАСЫ

Биздин мектепте китепкана бар. Ал – экинчи кабатта. Мында окуу жана адабий китептер бар. Окуу залы да бар. Окуучулар сабактан кийин китеп алышат. Окуу залында сабакка даярданышат. Кызыктуу журналдарды алып окушат. Керектүү китептерди ушул жерден табышат.

**4.** Текст боюнча суроо түзүп, жазгыла.

**5.** Табышмакты окуп, жообун тапкыла.

Сүйлөбөйт, ар нерсени айтып берет.
Ал нерсе бүт балдарга абдан керек.
Ичинде жазып койгон нечен сыр бар.
Ойлонуп муну кимдер таап берет?


**сүйлөбөйт** – молчит
**сыр** – тайна

## Токсон экинчи сабак
## ЭКИ ЧЫЧКАН

**1.** Жомокту түшүнүп окугула.

**уурдап жеп** – крали
**зыян** – вред
**пайдаңар жок** – нет пользы
**кампа** – зернохранилище
**теришет** – перебирают
**актап** – оправдали

### ЭКИ ЧЫЧКАН
(Кыргыз эл жомогу)



Илгери-илгери эки чычкан болуптур. Алар адамдын үйүндө жашаптыр. Адамдын тамагын уурдап жеп, көп зыян келтиришет. Бир күнү адам аларды чакырып, мындай дейт:

– Силер көптөн бери менин үйүмдө турасыңар, бирок пайдаңар жок. Мага жардам бергиле. Ошондо мен силерге тамак берем.

Чычкандар макул болушат. Адам эгин жыйнайт. Чычкандар жерге түшкөн дандарды терип

чогултушат. Адам эгинди кампага төгөт. Чычкандар аларды тазалап теришет. Ошентип, эки чычкан адамга пайдасын келтиришип, өз тамагын актап жеп калышыптыр.

1. Эки чычкан кайда жашаптыр?
2. Адам аларга эмне деди?
3. Чычкандар адамга кантип жардам беришти?

**2.** Макалды окугула. Маанисин эстеп калгыла.

Ак эмгектин наны таттуу болот.

**3.** «Мышык, чычкан» деген оюнду ким билет? Андагы сөздөрдү эстегиле. Ойногула.

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| -сыңар мүчөсү | -сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр, Мага жардам бересиңер. Нан сатып келесиңер. |
| --- | --- |

## Токсон үчүнчү сабак
## ЧАЧ ТАРАЧТА

**1.** Диалогду ролдошуп окугула.

– Байке, менин чачымды тегиздеп бериңизчи.
– Кел, отурагой. Кандай кылып кыркайын?
– Жакында жайкы каникулум башталат. Ошондуктан кыска кыркып бериңиз.
– Болуптур. Жарайт.





– Мына, күзгүгө кара, жагабы?

– Оо, абдан жагат. Ыракмат, байке.

– Барагой, иним.

– Жакшы калыңыз!

**2.** Суроолорго жооп бергиле. Жоопторун жазгыла.

1. Сүрөттө кимдер тартылган?
2. Алар эмне кылып жатышат?
3. Чачтарач менен бала эмне жөнүндө сүйлөштү?
4. Баланын көңүлү кандай?

**3.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

1. Менин, башталды, каникулум, жайкы.
2. Бардым, кечээ, чачтарачка, мен.
3. Абдан, мага, жакты, жасалышы, чачымдын.
4. Апам, каранды, күзгүгө.
5. Тегиздетейин, мен, байке, чачымды, дегем.

## Токсон төртүнчү сабак
## КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

**1.** Сүйлөмдөрдү которуп, толуктап айткыла.

1. Азамат, сен (в школу) качан барасың?
2. Настя, сен (упражнение) жаз.
3. Костя (утром) сабакка кечигип калды.
4. Атам (на работу) кетти.
5. Мен бүгүн (в парикмахерскую) барам.
6. Апам көйнөгүмдүн (пуговицу) кадады.
7. Окуучу (на уроке) «5» алды.
8. Менин (дедушка) айылда жашайт.
9. Биздин класста (разной национальности) балдар окушат.

**2.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Бир жылда .... мезгил бар.
2. Бир айда .... күн болот.
3. Бир жумада ..... күн бар.
4. Алардын аталышы ..... ...... ...... ...... ...... ....... ........ .
5. Мен .......... күнү бассейнге барам.
6. Эжем сабакка саат ............ кетет.

**3.** Үндүүлөрдү коюп, сүйлөмдөрдү жазгыла.

1. Биздин к_р_ _д_ кичинекей балдар ойноп ж_т_ш_т.
2. Кыргызстанда к_п тунук к_лд_р бар.
3. Сабактан кийин 10 м_нөтт_к танапис.
4. Жайл_ _дон кымыз ичтик.
5. Ш_ _рдын көчөлөрү кенен жана таза.
6. Мугалим текстти окуп к_лг_л_ деди.

**4.** «Менин жардамым» деген темада сүйлөм түзгүлө.

**Керектүү сөздөр:** *тил алам, аткарамын, даярдайм, көтөрүп барам, төгүп келем, аарчыйм, тазалайм, суу куям.*

## Токсон бешинчи сабак
## ЭКИ ЖОЛДОШ

**1.** Текстти окугула. Маанисин түшүнгүлө

**жыттап кетет** – обнюхивает и уходит

### ЭКИ ЖОЛДОШ

Эки жолдош токойго барышат. Астынан аюу чыгат. Бирөөсү коркуп, бакка чыгып кетет. Экинчиси жатып калат. Аюу келип, экинчи баланы жыттап басып кетет. Аюу кеткенден кийин биринчи жолдошу келип: «Аюу сенин кулагыңа эмне деп шыбырады?» – деп сурайт.

Анда экинчи жолдошу:

– Жолдошуң жаман экен, сени таштап кетип калды деп айтты, – дейт.

*Л. Толстой*

1. Эки жолдош кайда барышты?
2. Астынан эмне чыкты?
3. Бирөөсү кайда чыгып кетти?
4. Экинчиси эмне кылды?
5. Сен досуңду таштап кетет белең?

**2.** Адамдын жакшы сапаттары менен байланышкан сөздөрдү тапкыла.

1. Менин жолдошум эч качан таштап кетпейт.
2. Байкем аябай эмгекчил.
3. Кошунамдын баласы жалкоо.
4. Атам абдан чынчыл адам.
5. Мен калп айтканды жаман көрөм.
6. Жаман ойлуу адам алыс кетпейт.

**3.** Сүйлөмдөрдү туура түзүп, жазгыла.

1. Асан, айтат, чындыкты, баарына.
2. Жолдошу, келет, дайыма, ага, жардамга
3. Апам, адам, акылдуу.
4. Иним, жакшы көрөт, эмгектенгенди.
5. Чоң атам, айтат, акыл, мага, сөздөрдү.

**БИЛИП АЛ!**

**Чыныгы достук, жакшы тарбия, жылуу сөз жашоого жардам берет**

## Токсон алтынчы сабак
## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ

**1.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.
**кол өнөрчүлүк** – рукоделие
**колунан жаралган** – сделанный вручную

**Үлгү:**

– Кубаныч, сен кол өнөрчүлүк дегенди билесиңби?

– Ооба, бул адамдын колунан жаралган буюм.

– Кыргыздардын кандай кол өнөрчүлүгүн билесиң?

– Боз үйдү, шырдакты, туш кийизди, камчыны көргөм. Боз үй жөнүндө окугам.

– Сен көп нерсени билет экенсиң. Мага боз үй жөнүндө айтып берчи. Мен аны жакшы билбейм.

– Болуптур, Фарух, айтып берейин.

**2.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**турак-жай** – жилище
**көчүп жүрүү** – кочевать
**ыңгайлуу** – удобный
**боо-чуу** – разные верёвки
**кийиз** – войлок



## БОЗ ҮЙ

Боз үй кыргыздардын турак-жайы. Ал көчүп жүрүүгө абдан жакшы. Боз үй жыгачтан, кийизден жасалат.

Ал абдан ыңгайлуу. Кышында жылуу, жайында салкын. Таятамдын сонун боз үйү бар.

1. Боз үй деген эмне?
2. Ал эмнеден жасалат?
3. Ал кандай?

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1. Атамдын боз үйү …турат.
2. Ал абдан…
3. Жайлоодо биз … жашаганбыз.
4. Менин чоң энем … жасаганды билет.

**Керектүү сөздөр:** *Кооз, боз үйдө, айылда, боз үйдү.*

**ЭСИҢЕ ТУТ!**

| **жөнүндө** |
|---|
| Мен боз үй **жөнүндө** аңгеме окудум. Байкем ак аюу **жөнүндө** айтып берди. Китепте Манас **жөнүндө** ыр бар экен. |

## Токсон жетинчи сабак

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРЫ

**1.** Сөз айкаштарын окугула.

музыкалык аспаптар:
→ комуз
→ кыл кыяк
→ чоор
→ чопо чоор
→ ооз комуз

**2.** Үлгү боюнча сүйлөшкүлө.

**чоор** – флейта
**ийрим** – кружок
**ийгилик** – успех

**Үлгү:**
– Азим, сен кайсы ийримге катышасың?
– Мен комуз ийримине катышам. Сенчи, Том?

– Мен чоор ийримине катышам.1-класстан бери ойнойм. Кыргыз аспаптарын жакшы көрөм. Комузда ойной да алам.

– Ийгилик сага.

– Ыракмат, Азим, сага да ийгилик каалайм!

**3.** Текстти окугула. Суроолорго жооп бергиле.

**суктандым** – восхищался
**өнүккөн** – развит

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРЫ


Апам экөөбүз «Кыял» дүкөнүнө бардык. Бул жерде музыкалык аспаптардын түрлөрү бар экен. Мында чопо чоор, комуз, сыбызгы, чоор, ооз комуз сатылат. Мен бул аспаптарга абдан суктандым. Апам мага комуз сатып берди. Атам комуз черткенди үйрөтөт.

1. Биз кайда бардык?
2. Бул жерде эмне сатылат?
3. Сага кайсы музыкалык аспап жагат?

**4.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.

Комуз, чертет, ойнойт, ооз комузда, концерте, эң сонун, жакты, ойногум келет.

**5.** Кайсы аспап кандай аталат?



❗ № 6 Тесттик тапшырма

**I. Өтүнүч сөздөр кайсылар?**

а) достошолу
б) ыракмат
в) көрүшкөнчө
г) көрсөтүп коюңузчу

**II. Жайкы каникулда эмне кылабыз?**

а) көлгө түшөбүз
б) сабак даярдайбыз
в) жер айдайбыз
г) түшүм жыйнайбыз

**III. Кыргыз элине таандык буюмдар.**

а) чыны, топу, чоор
б) көөкөр, боз үй, комуз
в) үй, кыяк, тон
г) көйнөк, китеп, сүрөт

❗ Тематикалык тапшырмалар

«Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү», «Боз үй», «Кыргыз музыкалык аспаптары» деген тексттерди айтып бергиле.

## Токсон сегизинчи сабак
## КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

**1.** Сүрөт боюнча *«алдында, артында, жанында»* деген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө.



**2.** «Китепканада» деген темада сөздөрдү эстегиле.




**3.** Диалогду жооптор менен толуктагыла.

1. Сенин мектебиң кайсы көчөдө?
   ..............................................................................
2. Кыргыз тили сабагы кайсы күндөрү болот?
   ..............................................................................
3. Сенин досуң эмнелерге кызыгат?
   ..............................................................................

4. Кыргызстандын кооз жерлери кайсылар?
..................................................................................
5. Кыргыз элинин улуттук тамактары кайсылар?
..................................................................................
6. Улуттук суусундуктарды атагыла.
..................................................................................
7. Кыргыз элинин баш кийимдери кайсылар?
..................................................................................

**4.** Сүйлөмдөргө суроо коюп жазгыла.

1. Бул – биздин конок бөлмө.
2. Мында конокторду тособуз.
3. Бул – менин бөлмөм.
4. Кыргыз бөлмөсүндө кооз буюмдар бар.
5. Асандын байкеси студент. Ал саат 12ге чейин окуйт.
6. Ашканада кооз чынылар жана башка идиштер бар.

**5.** Өзүңдүн туулган күнүң жөнүндө айтып бер.

## Токсон тогузунчу сабак
## КӨНҮГҮҮ ИШТЕРИ

**1.** Ашык сөздү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Комуз | Конокко чакырат | Сары-Челек |
| Төшөк | Гүлгө суу куят | Соң-Көл |
| Шырдак | Короо шыпырат | Ысык-Көл |
| Туш кийиз | Көчөт тигет | Арсланбап |
| | Жашыл | Алматы |

**2.** Сөздөргө керектүү мүчөлөрдү улагыла.

1. Атам жайлоо... барат.
2. Бөбөгүм… Ысык-Көл.. барат.
3. Мен чоң атам... абдан сыйлайм.
4. Китепкана...кызыктуу китеп... көп.
5. Ини... ак көңүл бала.
6. Дос... комуз... жакшы ойнойт.
7. Мен тапшырма...көңүл коюп аткардым.

**3.** Макалдарды окуп, маанисин түшүнгүлө.

Аганы көрүп ини өсөт,
Эжени көрүп сиңди өсөт.

Бөбөгүңө өбөк бол,
Ага, эжеге жөлөк бол.

**өбөк, жөлөк** – поддержка

## Жүзүнчү сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сөздөргө **-га** мүчөсүн улап, сүйлөм түзгүлө.

Бишкек, айыл, жайлоо, Ош, Каракол, дүкөн, үй, саякат, жумуш, сабак.

**2.** Сөздөргө **-лар** мүчөсүн улап жазгыла.

Курдаш, бала бакча, чачтарач, ашкана, китепкана, дарыя.

**3.** Убакытты туура көрсөтүп, сүйлөмдү толуктагыла.

Саат 8… 17.. чейин…
Саат 12… 14… чейин
Таңдан кечке чейин …

**Керектүү сөздөр:** *эс алам, иштейм, жардам берем, уктайм, ийримге барам, апамдын жумушуна келем, ойноймн, телевизор көрөм, экскурсияга барам, киного барам, китепканага барам.*

**4.** Сүйлөмдөрдү которгула.

1. Дүкөндөн тамак-аш сатып келейин, – деди апам.
2. Көлгө барганда күнгө аябай күйдүм.
3. Кыргызстанда жаңгак токою бар.
4. Комузда абдан жакшы ойной алам,– деди Акылай.
5. Базарга кайсы автобус менен барса болот? – деп сурадым мен.

## Жүз биринчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Ролго бөлүп окугула

**кат жөнөткөнү** – отправить письмо
**кайрылды** – обратилась
**дарек** – адрес

### ПОЧТАДА

Бир күнү шаардагы эжеме кат жөнөткөнү почтага барып калдым. Анда кишилер көп экен. Чоң эне мага кайрылды:

− Балам, даректи кайсы жерине жазыш керек? Жардам берип койчу, − деди.

− Макул жардам берейин.

Мен дарегин толтуруп чоң энеге бердим. Ал абдан кубанды.

− Ыракмат, балам. Көп жаша! – деди.

**2.** Үлгүнү колдонуп, катты толтургула.

**Кимден:**
Сокулук району,
Сариева Айшадан

**Дареги:**
Бишкек шаары,
Турусбеков көчөсү 12,
5-батир
**Кимге:** *Асанов Тимурга*

**3.** Сөздөргө **-дан** мүчөсүн улап, жазгыла.

1. Москва… коноктор келди.
2. Саат беште үй… чыгып кеттик.
3. Музей… эски буюмдарды көрдүк.
4. Атам жайлоо… кымыз алып келди.
5. Апам дүкөн… сүт алып келди.

**4.** Сүйлөмдөрдү которгула.

1. У нас в селе живут люди разных национальностей.
2. Во дворе есть песочница.
3. 9-мая – День Победы.
4. Мы ходили на экскурсию в город.
5. В библиотеке есть разные книги.
6. Сестра работает в парикмахерской.
7. Комуз – это кыргызский музыкальный инструмент.

**5.** Мында кандай сөздөр бар?

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| К | | М | | З | | | | | |
| | Ш | К | | Н | | | | | |
| А | Р | С | | | Н | Б | | | |
| Б | | Ш | Б | | Р | | | | |
| | Ш | Е | М | | | | | | |
| Ы | | Т | Ы | | | | | | |
| К | | Р | Г | | З | | Т | | Н |

## Жүз экинчи сабак
## КАЙТАЛОО

**1.** Сүйлөмдөрдү сөздөр менен толуктап жазгыла.

1. Мен ________ -ды жакшы көрөм.
2. Мен __________- га бардым.
3. Мен __________ -да болдум.
4. Мен __________ -дан келдим.

**2.** Ашык сөздү тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Кымыз | Шөкүлө | Жеңиш майрамы |
| Бешбармак | Элечек | Нооруз |
| Токоч | Конок | Жаңы жыл |
| Жоолук | Тебетей | 8-Март |
| Каттама | Калпак | Окуу |

**3.** Диалогду толуктап жазгыла.

– Саламатсыңбы, ......................... .

– ...................... .

– Ден соолугуңуз ...........?
– ...................... .
– ................ кайда баратасың?
– Апам ............... алып кел деп ............. жиберди.
– Мен да ............. баратам. Мен ............. сатып алам.
– Жүрү, чогуу баралы.
– ...................... .

4. Сөз айкаштарын туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| Менин досум | бакчага барат. |
| Эжем университетте | студент. |
| **Иним мектепте** → | **1-класста окуйт.** |
| Бөбөгүм | футболго катышат |

5. Ким? Эмне? Кандай? Канча? деген суроого жооп берген сөздөрдү бөлүштүргүлө.

| Ким? | Эмне? | Кандай? | Канча? |
|---|---|---|---|
| дарыгер | оюн | катуу | үч |
| .................. | .................. | .................. | .................. |
| .................. | .................. | .................. | .................. |
| .................. | .................. | .................. | .................. |

